# Өмурзак Коңурбаев атындагы Самансур орто мектебинин 2019-2020- окуу жылына карата аткарылган иштери боюнча отчету.

## Мектептин максаты:

1.Окуучулардын билимин өркөндөтүү.

2.Окуучулардын дене түзүлүшүнүн калыптануусуна, эмгектенүүсүнө жана ар кандай жөндөмдөрүн арттырууга жардамдашуу.

## Мектептин милдеттери:

1. Мектепте татыктуу билим жана тарбия берүүнүн үстүндө иш алып баруу.

2. Жаш кадраларды тартуу, жогорку окуу жайлар менен байланыш тузүү.

3.Мектептеги жетишпеген окуу куралдары, методикалык программалар менен камсыз кылуунун үстүндө иштөө.

4.Мугалимдердин билимин өркүндөтүү боюнча иш алып баруу

5.Мектепте материалдык-техникалык базаны чыңдоо багытында иш алып баруу.(проекттер,ар кандай фонддор менен).

## Билим беүүнүн усулу.

Окуучулардын изденип иштөөсү.

## Мектептин модели.

Бардык микроучастоктогу окуучуларды мектепке тартуу.

**Мектептин проблемасы:**

"Окуучуларга терең,сапаттуу жана натыйжалуу билим берүү"

**Мектептин максаты**

1. Ар бир окуучунун жекече өзгөчөлүгүн эске алуу менен окутуу жана дифференциялаштыруу.

2.Окуучулардын дене түзүлүшүнүн калыптануусуна,эмгектенүүсүнө жана ар кандай жөндөмдөрүн арттырууга жардамдашуу.

**Мектептин милдеттери:**

1.Окуутунун заманбап инновациялык ыкмаларын пайдалануу менен кеп маданияттын өнүктүрүү.Интернет менен байланыштыруу,интерактивдүү ыкмаларын пайдалануу менен окуучулардын билим сапатын жогорулатуу.

2. Кыргыз элинин рухий- ыймандык жана адептик дөөлөттөрүбүздү сактоо менен окуучуларга нравалык тарбия берүүгө жетишүү.

3. Жаш кадрларды тартуу, жогорку окуу жайлар менен байланыш түзүү.

4.Коомчулук жана ата-энелер менен байланышты чыңдоо.

5.Мугалимдердин билимин өркүндөтүү боюнча иш алып баруу

6.Мектепте материалдык-техникалык базаны чыңдоо багытында иш алып баруу.(проекттер,ар кандай фонддор менен).

**Билим берүүнүн усулу.**

Окуучулардын изденип иштөөсү.

**Мектептин модели.**

Бардык микроучастоктогу окуучуларды мектепке тартуу.

## Мектептин окуучулары боюнча маалымат

2017-2018-окуу жылы.(кыргыз тилинде окутуу)

Жыл башында -146 окуучу.Кыз – 81.Жыл аягында – 150 окуучу аяктады.Кыз-81

| № | Класс | Класс комплект | Окуучунун саны | Окуу кезмети |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Башталгыч класс 1-4 | 4 | 72 | 1 смена |
| 2 | 5-9-кл. | 5 | 70 | |
| 3 | 10-11-кл | 1 | 8 | |
| 4 | Бардыгы | 10 | 150 | |




2018-2019-окуу жылы (кыргыз тилинде окутуу)

Жыл башында – 157 окуучу.Кыз-83. Жыл аягында – 152 окуучу аяктады.Кыз-82

| № | Класс | Класс комплект | Окуучунун саны | Окуу кезмети. |
|---|---|---|---|---|
| | Башталгыч класс | 4 | 62 | 1смена |
| | 5-9-класс | 5 | 73 | |
| | 10-11 | 2 | 17 | |
| | Бардыгы | 11 | 152 | |



2019-2020-окуу жылы (кыргыз тилинде окутуу)

Жыл башында – 156 окуучу.Кыз-80. Жыл аягында – 146 окуучу аяктады.Кыз-80

| № | Класс | Класс комплект | Окуучунун саны | Окуу кезмети. |
|---|---|---|---|---|
| | Башталгыч класс | 4 | 60 | 1смена |
| | 5-9-класс | 5 | 69 | |
| | 10-11 | 1 | 17 | |
| | Бардыгы | 10 | 146 | |




Улуттук курамы:

Окуучулардын баары кыргыз улутундагы окуучулар.

## Окуу процесси боюнча маалымат.

Окуу жылынын башында мектепте бардыгы 156 окуучу билим алып баштады. 11-класс комплект ачылды. 480 саат программа боюнча бир класс ачылып,анда 16 окуучу билим алышты.

Мектеп "Окуучуларга терең, сапаттуу жана натыйжалуу билим берүү" проблемасынын үстүндө иштеп келет.

2017-2018- окуу жылында бүтүрүүчүлөр тууралуу маалыматка таянсак:

| жылы | 2017 | 2018 | 2019 |
|---|---|---|---|
| Бардыгы | | | 7 |
| ВУЗ | | | 5 |
| ПЛ | | | 1 |
| Иштейт | | | 1 |

**2017-2018 - окуу жылы**

| Баскч. | Окуучунун саны | Билим сапаты | Отличниктер | Ударниктер | “3”окуган окуучулардын саны | Жетишпеген окуучулардын саны. |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1-4 | 72 | 34 | 7 | | | - |
| 5-9 | 70 | 35 | 3 | | | - |
| 10-11 | 8 | 25 | - | | | - |
| **Бардыгы** | **150** | **33** | **10** | **37** | **89** | - |




**2018-2019 - окуу жылы**

| Баскч. | Окуучунун саны | Билим сапаты | Отличниктер | Ударниктер | “3”окуган окуучулардын саны | Жетишпеген окуучулардын саны. |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1-4 | 62 | 40 | 10 | | | - |
| 5-9 | 73 | 34 | 5 | | | - |
| 10-11 | 17 | 41 | - | | | - |
| **Бардыгы** | **152** | **37** | **15** | **36** | **87** | - |




**2019-2020 - окуу жылы**

| Баскч. | Окуучунун саны | Билим сапаты | Отличникте р | Ударникте р | “3”окуган окуучулард ын саны | Жетишпеген окуучулардын саны. |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1-4 | 60 | 53 | 10 | | | - |
| 5-9 | 69 | 38 | 7 | | | - |
| 10-11 | 17 | 35 | - | | | - |
| **Бардыг ы** | **146** | **42** | **17** | **39** | **75** | **-** |




**Райондук жана областык олимпиадалардын жыйынтыктары.**

**Жыл боюнча салыштырсак:**

| Жылы | предмети | класс | Ф.А.А | орду |
|---|---|---|---|---|
| 2017-2018 | Орус тилинен | 10-класс | Алымбек к.Д | 1 |
| 2018-2019 | Тарых | 10-класс | Рыспаева С. | 3 |
| 2019-2020 | - | - | - | - |




2017-2018- окуу жылында

Мектеп ичинде олимпиада жылына ноябрь айында өткөрүлөт. Олимпиаданын өткөрүлүшүн көзөмөлдөө үчүн атайын комиссия курамы түзүлгөн. Олимпиаданы өткөрүү боюнча сентябрь айында иш план иштелип чыгып, ошонун негизинде өткөрүлөт. Ноябрь айынын 15 чейин тапшырманын түрлөрү мугалим тарабынан такталып, конвертке салынып, окуу завучуна өткөрүлөт. Олимпиаданын тапшырмалары райондук деңгээлде даярдалат. Мектеп ичинде өткөрүлгөн олимпиаданын жыйынтыгынын негизинде райондук олимпиадага катыша турган окуучу тандалып алынат.

Быйылкы 2019-2020 окуу жылында төрт предмет боюнча 10-11-класстын окуучулары олимпиадага катышып эч кандай орунга ээ боло алышкан жок.

**Жыйынтык:**

2017-2018-окуу жылынада райондук олимпиадада бир гана окуучу орунга ээ болуп келген. Ал эми 2018-2019 – окуу жылында бир гана окуууучу орунга ээ болду.Быйылкы 2019-2020-окуу жылында эч бир окуучу орунга ээ болгон жок.Мындай жыйынтыктын себептери жылдагы эле көйгөйлөр.Мугалимдер зээндүү окуучулар менен чала иш алып барышат. Кошумча сабактар толук өтүлбөйт. Окуучуларды предметке кызыктыруу үчүн жеткиликтүү аракет кылынбайт.

**ОРТнын жыйынтыгын салыштырып келсек:**

**Жогорку баллдар**

| Жылы | Балл | Окуучунун аты-жөнү |
|---|---|---|
| 2017-2018 | - | - |
| 2018-2019 | 133 | Бейшеналиев А. |
| 2019-2020 | - | - |

**Минималдуу баллдар**

| Жылы | Балл | Окуучунун аты-жөнү |
|---|---|---|
| 2017-2018 | - | |
| 2018-2019 | 104<br>103 | Алмаз кызы А.<br>Туратбек кызы М. |
| 2019-2020 | - | - |

Акыркы үч жыл ичинде 2018-2019 окуу жылында окуучулардын ОРТ жыйынтыктары жогорудагыдай болгон .Ал эми 2017-2018 -окуу жылдарында 11-класс комплект жок болгондугуна байланыштуу ОРТ га катышуу болгон жок. 2019-2020-окуу жылына карата ОРТ нин жыйынтыгы чыгарыла элек.




**Мамлекеттик сынактын жыйынтыгы жана талдоо.**

**2017-2018 окуу жылында 9-классты 16 окуучу аяктады. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясында беш сабактан сынак беришти.**

**1.Математика (текшерүү иши)**
"5" – 1
"4" – 3 25%
"3" – 12
"2"-0

**2. Кыргыз тил (баяндама)**
"5" – 0/2
"4" – 5/2 31%
"3" – 11/12
"2"-0

**3. Орус тили (оозеки)**
"5" – 0
"4" – 4 25%
"3" – 12
"2"-0

Улуттук тест жүргүзүү борбору тарабынан өткөрүлгөн сынактын жыйынтыгы менен Жанышева С, Кубанычбек к. К,Сулайманова А,
Шамурзаева С, Уланова Аата-энелер арызынын негизинде экзаменден бошотулуп, алган баасы менен макул болушту.

**4. Тарых (оозеки)**
"5" –0
"4"- 5 31%
"3" – 11
"2"-0

Улуттук тест жүргүзүү борбору тарабынан өткөрүлгөн сынактын жыйынтыгы менен Жанышева С,Кубанычбек к. С,Керимбеков К,Сулайманова А ата-энелер арызынын негизинде экзаменден бошотулуп, алган баасы менен макул болушту.

**5.География(оозеки)**
"5"-1
"4"-7 50%
"3"-8
"2"-0

Улуттук тест жүргүзүү борбору тарабынан өткөрүлгөн сынактын жыйынтыгы менен Амангелдиев А,Базаркул у Ч,Жанышева С,Зарлыков К,
Исаева Б, Ишеналиев А, Керимбеков К, Кубанычбек к С, Сартбаев А,Сексеналиева А ,Сулайманова А,Уланова А ата-эненин арызынын негизинде экзаменден бошотулуп, жыйынтык баасы менен макул болушту.

Салыштырмалуу үч жылдын мамлекеттик сынагынын жыйынтыгы боюнча быйылкы окуу жылында 9-класстын бүтүрүүчүлөрү төмөнкү көрсөткүчтү берди.




**2018-2019 окуу жылында 9-классты 15 окуучу аяктады. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясында беш сабактан сынак беришти.**

**1.Математика (текшерүү иши)**
"5" – 0
"4" – 5 33%
"3" – 10
"2"-0

**2. Кыргыз тил (баяндама)**
"5" – 1/1
"4" – 9/8 60%
"3" – 5/6
"2"-0

**3. Орус тили (оозеки)**
"5" – 4
"4" – 3 47%
"3" – 8
"2"-0

**4. Тарых (оозеки)**
"5" –1
"4"- 7 53%
"3" – 7
"2"-0

Улуттук тест жүргүзүү борбору тарабынан өткөрүлгөн сынактын жыйынтыгы менен Абдылдаев Эрлан ата-энелер арызынын негизинде экзаменден бошотулуп, алган баасы менен макул болушту.

**5.География(оозеки)**
"5"-3
"4"-6 60%
"3"-6
"2"-0

Улуттук тест жүргүзүү борбору тарабынан өткөрүлгөн сынактын жыйынтыгы менен Кеңешбек кызы А,Курманбек уулу А. ата-энелер арызынын негизинде экзамендден бошотулуп, алган баасы менен макул болушту.




**2018-2019 окуу жылында 11-классты 7 окуучу аяктады. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясында беш сабактан сынак беришти.**

**1.Математика (текшерүү иши)**

"5" – 0
"4" – 5 71%
"3" – 2
"2"-0

**2. Кыргыз тил (баяндама)**

"5" – 1/0
"4" – 4/7 71%
"3" – 2/0
"2"-0

**3. Орус тили (оозеки)**

"5" – 3
"4" – 4 100%
"3" – 0
"2"-0

**4. Тарых (оозеки)**

"5" –1
"4"- 5 86%
"3" – 1
"2"-0

Улуттук тест жүргүзүү борбору тарабынан өткөрүлгөн сынактын жыйынтыгы менен Исаев Баяке жана Каныбекова Элиза ата-энелер арызынын негизинде экзамендден бошотулуп, алган баасы менен макул болушту.

**5.География(оозеки)**

"5"-3

"4"-3 86%

"3"-1

"2"-0

Улуттук тест жүргүзүү борбору тарабынан өткөрүлгөн сынактын жыйынтыгы менен Исаев Баяке ата-энелер арызынын негизинде экзаменден бошотулуп, алган баасы менен макул болушту.




**2019-2020 окуу жылында 9-классты 14 окуучу аяктады. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясында торт сабактан сынак беришти.**

**1.Математика (текшерүү иши)**

"5" – 1

"4" – 4 36%

"3" – 9

"2"-0

**2. Кыргыз тил (баяндама)**

"5" – 2/1

"4" – 6/7 57%

"3" – 6/6

"2"-0

**3. Орус тили (оозеки)**

"5" – 2

"4" – 7 64%

"3" – 5

"2"-0

**4. Тарых (оозеки)**

"5" –1

"4"- 4 43%

"3" – 9

"2"-0




**2019-2020 окуу жылында 11-классты 10 окуучу аяктады. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясында беш сабактан сынак беришти.**

**1.Математика (текшерүү иши)**
"5" – 0
"4" – 3 30%
"3" – 7
"2"-0
**2. Кыргыз тил (баяндама)**
"5" – 1/1
"4" – 5/5 60%
"3" – 4/4
"2"-0
**3. Орус тили (оозеки)**
"5" –1
"4" –5 60%
"3" – 4
"2"-0
**4. Тарых (оозеки)**
"5" –1
"4"- 3 40%
"3" – 6
"2"-0




17.06.2020 – ж. Саат 12-00дө 9-класстын толук эмес орто мектепти бүтүрүү күбөлүгү берилди.11- класстын аттецтаты 17.06.2020 саат 9.00 дө берилди.

Мугалимдер эмгек отпускаларынын графиги менен таанышып,өргүүгө чыгышты. Окуу китеби 9-11- класстардыкы китепканага өткөрүлүп берилди.Ал эми калган класстардыкы август айында өткөзүлөт.

**Зээндүү жана сабактан жетишпеген окуучулар менен иштөө.**

Зээндүү жана сабактан жетишпеген окуучулар менен иштөө.
Төмөндөгүдөй максаттардын негизинде алынып барылды.
1. Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу.
2. Билим деңгээлин көтөрүү менен жакшы натыйжаларды алуу учун жеткиликтүү шарт түзүү.

Зээндүү окуучулар менен мектеп ичинде атайын жүгүртмөнүн негизинде иш алып барылды. Ар бир предметтик мугалим иш план иштеп чыгып, предметти мыкты өздөштүргөн окуучуларды тандап алышты. Окуучулардын ар биринин жөндөмүнө,жашына жараша иш алып барышты. Зээндүү окуучулар менен сынактар өтүлдү. Математикадан "КВН", тарыхтан "Өз тарыхын билбеген –элин сүйүп жарытпайт"брейн ринг, кыргыз тилден "Акыл ордо"интелекттуалдык таймаш, орус тилинен "Хочу знать", башталгыч класстан "Акыл ордо" деген сынактар болуп,окуучулардын интелектуалынын жогорулашына жакшы өбөлгө түздү. Чейрек сайын чогулуш өткөрүлүп, аткарылган иштер туурасында талкууланды. Мектеп ичинде предметтик олимпиадалар өткөрүлдү. Жогорку көрсөткүчтөргө ээ болгон окуучулар мектеп аралык өткөрүлгөн олимпиадага катышышты. Райондук олимпиадага окуучулар катышып бирок орундарга ээ болгон жок.

Мектеп ичинде "эки" алган окуучулар жок. Бирок предметтерди жакшы өздөштүрө албаган окуучулар жок эмес. Мугалимдер жетишпеген,начар өздөштүргөн

окуучулардын тизмесин түзүп,план иштеп чыгып иш алып барышты. Сабак учурунда,сабактан кийинки учурда өтүлүп жатты.

Зээндүү окуучулар менен иш алып барууда мектептин предметтик мугалимдер тарабынан көзөмөлгө алынып, иштер жүргүзүлдү.

Сабакта жетишүүсү начар окуучулардын ата-энелери менен байланыш түзүү класс жетекчи тарабынан колго алынган.

Жыйынтыгында өзгөчө башталгыч класста жакшы жылыштар болду. Окуучулардын шар окуусу жана математика боюнча көрсөткүчтөр жылдагыга салыштырмалуу жогору болду.

**Усулдук кеңештин 2019-2020-окуу жылына карата иштелген иштерге карата жүргүзгөн талдоо анализи.**

Усулдук кеңеш алдыга койгон максат менен иш алып барат.

1) Окуучулардын билим деңгээлин жогорулатуу.

2) Иш дептерлеринин уюштурулушуна жана окуучулардын коллеграфиясына көзөмөл кылуу.

2019-2020 –окуу жылына карата август айында план иштелип чыгып усулдук иштер боюнча жетекчилер дайындалды

1. Усулдук кеңештин жетекчиси окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары: Акматылдаева Ж.
2. Усулдук бирикменин жетекчилери:
   Акматылдаева Ж.Ж
   Алыбек к.А
   Арымбаева Р.К.
   Өмүрбек кызы А.
3. Китепканачы Абышева А.М.биргеликте иш алып барышты.

Жыл бою усулдук кеңештин эки отуруму болуп өттү.

Иш чаралардын бардыгы мугалимдердин тажрыйба алмашуусуна жардам болду.

Март айында "Жыл мугалими"сынагы өткөрүлмөк.Азыркы кырдаалга байланыштуу өткөрүлгөн жок.

2019-2020-окуу жылында төрт усулдук бирикме жана класс жетекчилер усулдук бирикмеси иш алып барды.

1. Так илимдер усулдук бирикмесинин жетекчиси-Алыбек к.А
2. Гуманитардык усулдук бирикмесинин жетекчиси-Акматылдаева Ж.Ж
3. Башталгыч класстын усулдук бирикмесинин жетекчиси-Арымбаева Р.
4. Этика,эстетика усулдук бирикмесинин жетекчиси-Өмүрбек кызы А.
5. Класс жетекчилер усулдук бирикмесинин жетекчиси-Туйгунова М.Н

Усулдук бирикме жетекчилери иш план түзүп бекитилген жана ошол план менен иш алынып барылды.

Быйылкы жылы да жылда каралчу журнал толтурууда кетирилген катачылыктар үстүндө иштөөгө көп көңүл бурулду.Кээ бир мугалимдер өз ишине жоопкерчиликсиз мамиле кылууда

Мисалы: Кыргыз тили мугалими- Туйгунова М.Н.
Башталгыч класстын мугалими- Өмүрбек кызы А.

Орус тили мугалими-Акбар кызы М.

Мектептин эӊ орчундуу маселеси олимпиадага чыгарып жетишкендиктерге ээ болуу.Жыл сайын өз билимин өркүндөтүү боюнча тажрыйба жайылтуу,педагогикалык окууларды өткөрүүгө көӊүл бурулду.Жаш мугалимдердин келиши менен методикалык жактан алсыз,иш кагаздарын толтурууда кыйынчылыктарды туудурууда.Бул боюнча насаатчылар иштеп жатышты.

Жыл башында башталгыч класстын окуу техникасы текшерилген 4-класс - 15 окуучу
Нормадан ашат-3
Нормага жетет-10
окуй албайт-0
Нормага жетпейт-2
Билим сапаты- 33%

3-класс-17 окуучу
Нормадан ашат-6
Нормага жетет-9
нормага жетпейт-2
окуй албайт-0
Билим спаты-76%

2-класс-14 окуучу
Нормадан ашат-3
Нормага жетет -7
Нормага жетпейт-3
Окуй албайт-1
Билим сапаты-62%

Календарлык пландар,программанын аткарылышы тууралуу жылдык отчет боюнча бардык предметтерден программанын аткарылышы толук эле болду.Кээ бир предметтерден эки-үч саат жетпей калды.Предметтик жумалыктар, окуу китептери ,окуу программалары тууралуу талдоолор болуп турду.Өткөрүлгөн жумалыктардан кыргыз тили,башталгыч класстардын жумалыктары “жакшы”деп бааланды.Педагогикалык окуулар өтүлүп,талкууланды.Ар бир УБда”Сабакта колдонулуучу интерактивдүү ыкмалар”,”Интерактивдүү сабак жана анын өзгөчөлүктөрү”,” Мугалимдердин кесиптик чеберчиликтери”,”Жаңы стандарттын максаты- компитенттүүлүк”,”Инновациялык багыта окутуу”аттуу докладдар угулду. Жыйынтыгында Усулдук кеңештин иши “Канааттандырарлык” деп бааланды .

## Балдарды окууга тартуу боюнча иштелген иштердин отчету.

2019-2020 - окуу жылына карата окуу жылынын башында иш план түзүлгөн. Ошол иш план менен иш алынып барылды. Микроучасток боюнча бөлүнгөн мугалимдер кыдырып окуучуларга тактоо жүргүзүштү.

Август учету тапшырылды. Август учету боюнча территорияда – окуучу,мектепте окуйт -.

Территориядан башка мектепке барып окуган окуучулар – 1.

1.Азыкова Эркинай – 11-класс.

Бул окуучу Чым-Коргон орто мектебине барып окуйт. Башка мектептен келип окуган 3 окуучу бар.

Томолой жетимдер – 0,

Инвалиддер – 1. - Афтандилов Калыс.

Китепканачы окуучуларды китеп менен камсыз кылды. Дайыма эле мектептин администрациясы тарабынан окуучулардын сабакка келүүсүн көзөмөлдөп турдук.

Сабакка көп келбеген,көп себепсиз калтырган балдарды класс жетекчилер кыдырып,себебин билип турушту. Мектептин администрациясы окуучулардын билим деңгээлин,жетишүүсүн,катышуусун чейрек сайын көзөмөлдөп, маниторинг түзүлүп турат.

Зээндүү,начар окуучулар менен иш алып барылып турду. Даярдоо курсуна 480 саатка келе турган окуучулардын тизмеси такталып, башталгыч класстын мугалими Молдокулова Акилима окутту.

Май учету жүргүзүлүп,районго тапшырылды. Май учету боюнча территорияда – 148 бала. Мектепте окуганы - 150 бала.

Мектепке тартылбаган, сабакка келбеген территорияда окуучу жок.

## Жаш мугалимдер менен иштөө

2017-2018-окуу жылында Кубанычбек кызы Гулназ убактылуу башталгыч класстын мугалими, Барыктабасова Толгонай биология мугалими болуп кабыл алынган . Бул жаш мугалимдерге насаатчылар бекитилип берилди.

1. Наматов К. – кыргыз тил мугалими Туйгунова Майрамкан

2.Кубанычбек кызы Гулназ –Молдокулова Акилима

3.Барыктабасова Толгонай-Таджиева Кенже

Жаш,жаңы келген мугалим менен иштөөдө атайын план иштелип чыгып,иш алынып барылды. Жаш мугалимдерге усулдук жактан жардам көрсөтүү,колдоо усулдук бирикмелердин жана мектептин администрациясынын милдеттери болду.Атайын семинарлар,педагогикалык окуулар,тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышуу жаш мугалимдин жөндөмдүүлүгүнүн ачылышына,өнүгүшүнө жардам берди.Төмөндөгү темаларда семинар сабактар өткөрүлүп турду.

1.Мугалимдин журум-туруму.

2.Класстык журналды толтуруу тартиби.

3.Сабактарга катышуу жана аларды талдоо.

4.Баалоонун түрлөрү.

5.Окутуунун заманбап усулдарын пайдалануу.

6.Окутууну уюштуруунун формалары.

Январь,февраль айларында жаш мугалимдер алган тажрыйбаларын көрсөтүү максатында ачык сабак өтүштү.

Райондук билим берүү бөлүмү тарабынан уюштурулган тажрыйба топтоо максатында райондун тажрыйбалуу мугалимдеринин сабагына катышып турушту. Өзгөчө "Бирге окуйбуз"трейнингдерине катышуу менен ишке болгон кызыгуулары артып,сабакты өтүү ыкмалары жакшырды.
Жаш мугалимдерге ар тараптан жардам керек экендиги ар бирибизге маалым.Себеби, азыркы даярдалган кадрлар сабактын структурасын , сабактын максаттарын, сабактын планын , класстык журналдарды толтурганды билишпейт. Бул иштер жаш мугалимдер менен иштөө планына кенен киргизилип, иш алынып барылып турду.

## Кадрлар менен иштөө

Өмүрзак Коңурбаев атындагы Самансур орто мектебинде жыл башында 17 мугалим эмгектенсе уй шартына байланыштуу 1 мугалим өз арызынын негизинде бошотулган.Жыл ортосунан бери 16 мугалим эмгектенип келет. Анын экөө: Алымбаева Н.С., Бейшеналиева Д.О. (совместитель) башка мектептерден келип иштешет. Ар бир мугалим өздөрүнүн диплому боюнча алган адистиги боюнча сабак беришет. Дене тарбия мугалими Айдралиев М.С. Чым-Коргон орто мектебинде дагы (часовик) иштейт. Наматов Кубанычбек жана Барыктабасова Толгонай Билим министрлиги тарабынан атайын 2 жылдык буйрутма менен келип иштешүүдө.Бул мугалимдердин 15 жогорку билимдүү, 1 мугалим бүтпөгөн жогорку билимдүү.
Мектепте кадр маселеси тууралуу көйгөйлөрүбүз жок эмес.
Мисалы: сүрөт,эмгек сабактары боюнча атайын адис жок.Башталгыч класстын 1 мугалими жетишсиз.Химия мугалими Кожокеева С. пенсияга чыккандыгына байланыштуу өз каалоосу менен иштен бошотулуп,8 саат химия сабагы вакантка коюлду.Бул тууралуу райондук БББ билдирүү бергенбиз. Мугалимдердин келип сабак берүүдөн баш тартуусунун бирден бир себеби сааттардын аздыгы деп ойлойбуз.

М: Сүрөт,эмек – 3сааттан
Химия – 8 саат.

2015-2016 окуу жылында окуу жайлар менен байланышып 2 жылдык мөөнөт менен, география предметинен мугалим чакырганбыз.Ал эми 2016-2017-окуу жылында билогия предметинен чакырдык. Бул мугалимдер: геогрфия предметинен Наматов К.К,биология предметинен Барыктабасова Т.Б мектепке орношуп, окуучуларга билимин берди.Быйылкы окуу жылында герафия мугалиминин 2 жылдык мөөнөтү бүтүп, кайрадан география сабагы вакантка коюлду.
Быйылкы окуу жылында берилбей калган, өтүлбөй калган сабактар болгон жок.

Жаш мугалимдердин саны – 3
Алар:
1.Барыктабасова Т.Б
2.Наматов К.К
3. Кубанычбек к Г
Мектепте билим беруунүн отличниги – 1,
Билим берүү министрлигинин грамотасы – 3
Кемин райондук билим берүү бөлүмүнүн грамотасы – 3
Чым-Коргон айыл өкмөтүнүн грамотасы - 6
Мектепте баш.кл.2-класс, география,биология,химия,сүрөт,эмгек сабактары ваканттка коюлган.Атайын предметтик мугалимдер жок.
Мугалимдердин кобу жаш мугалимдер.
Мектепте август айында окуу-тарбия иштери боюнча иш план иштелип чыккан. Ошол иш план боюнча иштер толугу менен иштелди,аткарылды.
Жыл башында мугалимдердин бере турган сабактары объективдүү,акылдашуу менен бөлүштүрүлгөн. Мектепте башталгыч класстан 4 класс кабинет,химия,математика,орус тил,кыргыз тил,биология,англис тил,тарых кабинеттери жабдылган
Өз билимин өркүндөтүү боюнча 2016-2017-окуу жылында төмөндөгүдөй иштер аткарылды.
Жыл башында үч мугалим билимин жогорулатуу үчүн көрсөтүлгөн.
1. Айдралиев М.С – дене тарбия
2. Керим кызы Айжан. –башталгыч класс.
3. Райымкулова А.О. – кыргыз тил.
Бул мугалимдерден үчөө тең билимин өркүндөтүп,тажрыйба алмашып келди . Азыркы мезгилдин талабына ылайык билимин жогорулатып келген мугалим жакшы натыйжаларга жетише алды. Сабактардын максаттарын туура кое билүү менен көрсөткүчтөрдүн натыйжалуулугунун негизинде сапаттуу сабак өтүүгө жетишүүгө болорун көрсөтүп беришти.

## Ички көзөмөл боюнча аткарылган иштер.

2017-2018-окуу жылы

**Ички көзөмөлдүн өтүлүшүнүн максаты жана милдеттери**:

- Мамлекеттик программалардын аткарылышы.
- Сабактардын өтүлүү сапатын, мугалим тарабынан окуу-тарбия иштеринин уюуштурулушунун мазмунуна, формасына жана усулдар боюнча илимий талаптардын аткарылышын текшерип туруу.
- Окуучулардын өздөштүрүүсү, өнүгүү деңгээлин көзөмөлдөө.
- Мектеп жетекчилеринин кабыл алган чечимдеринин жанан иш пландарынын аткарылышын дайыма көзөмөлдөп туруу.

Жалпы окуу-тарбиялык процесске жана мугалимдин ишине талдоо жүргүзүлдү . Мектептин ички көзөмөлүнүн пландаштырган иштери толугу мене

**Август айы.**

Мектептин жаны окуу жылына карата материалдык техникалык - базасы, кадрлар менен толук камсыз болушу, классты топтоштуруу, мектептин иш кагаздарынын , окуу кабинеттеринин, спорт залдын абалын билүү иши жүргүзүлдү.

**Сентябрь айы.**

Старттык контролдук иштерди алуунун негизги обьекттиси:

1)Жазуу иштеринин көлөмү.

2)Жазуу иштериндеги кетирген каталар

3)Жазуу иштеринин сапаттуулугунун пайызы
математика, кыргыз тил, орус тил,англис тил (5-10) сабактарынан алынды. Максаты: окуучулардын билимин текшеруу. Эң төмөнкү көрсөткүчтү математикадан 10-класс 0% алды. Англис тилинен 4-класс 11% алды. Орус илинен 16% алды.Жыл бою бул класстар менен предметтик мугалимдер жана класс жетекчилер иш алып баруусу сунушталды.

Окуучулардын китеп менен камсыз болуусу жана жетишпеген китептер тууралуу тактоо иши жүргүзүлдү.

Мында башталгыч класстын 3-классында адеп китебинин саны – 5. Башталгыч класстар боюнча Дил азык китеби такыр жокко эсе. Башталгыч класстарда англис тил китеби жетишпейт. 8-класста орус адабияты китеби жок. Мектепте бардык класстар учун химия китеби эски авторлор менен окутулат. Китеп менен камсыз болуусу - 94% түздү.

Класстык журналдарды жана ийримдердин журналдарын текшерүүдө жаш мугалимдер өтө көп ката кетиришти. Кубанычбек кызы Гулназ үч жолу класстык журналды которду. Бул тууралуу атайын семинар өтүлүп, көрсөтмө иштелип чыкты.

Календарлык пландар окуу программаларынын негизинде текшерилди. 2017-жылы басмаканадан чыккан программалардын негизинде түзүлүү керек экендиги эскертилди.

Окуучулардын өздүк делолорунун абалы текшерилип, кээ бир окуучулардын жашаган жери тууралуу справка,ИНН документтери жок экендиги көрүндү. Сентябрь айы аяктаганча ирээттөө сунушталды. Бул иш усулдук бирикмелердин жетекчилерине жүктөлдү.

Мамлекеттик тил жумалыгын өткөрүү.

Кыргыз тил мугалими Туйгунова Майрамкан мамлекеттик тил жумалыгын өткөрүү боюнча иш план түздү.

5-класстын окуучуларынын жазуу дептерлерин текшерүү (математика, кыргыз тил, орус тил) жүргүзүлдү. Максаты: дептерлердин уюштурулушу, окуучулардын дептерди

колдонушу. Жалпысынан окуучулардын дептерлери сыртталган. Даректери толук жазылган. Эң жакшы жери- окуучулардын кол жазмалар тегиз жана сулуу.

7-класста математика сабагынын берилиши текшерилди. Максаты: сабактын структурасынын сакталышы жана мугалимдин планды жаза билүүсү. Текшерүүгө койгонубуздун себеби, Алыбек кызы Анара жаш мугалим . Математика өтө татаал предмет экендиги баарыбызга маалым. Ошондуктан мугалим сабактын структурасын туура , так алып барса сабак окуучулар учун жеткиликтүү болот. Мугалимге жардам керек экендиги көрүндү. Бул мугалимге насаатчылыкка физика мугалими Алымбаева Н.С. бекитилген. Бирок бул мугалим башка да мектепте иштегендиктен кошумча жардамды окуу завучу өзү көзөмөлгө алмай болду.

**Октябрь айы.**

1-класстын окуучуларыны ден соолугунун абалы тууралуу соц.педагог билдирди. Окуучулардын ден соолугу тууралуу маалымдама/га таянсак, окуучулардын ден соолугу таза. Угуу,көрүү сезимдери туура өрчүгөн.

Класстык журналдарды текшерүү.

Максаты : журналдын абалы, баанын норма менен коюлушу. Жаш мугалимдер журналды толтурууда дагы эле катачылыктарды кетирүүдө.Баалар нормасы менен коюлбайт. Информатика мугалими Адигинеев Чынгыз оз ишине жоокерчиликсиз карайт.Журналдардын бардыгын бузуп оңдоп чыкты.Ошондой эле биология мугалими Барыктабасова Толгонай бааларды ондоп,кир толтурат.Ал эми сүрөт мугалими Бейшеналиева Д.О. чекиттерди көп коет, бааларды көп оңдошот. Бул мугалимдерге инструктаж берилсе да ушундай каталарды кетиришүүдө. Иш кагаздарды, документтерди туура эмес толтурган мугалимдерге үч жолу оозеки , андан кийин жазуу түрүндө эскертүү берүү сунушталды. Күндөлүктөрдүн абалы канааттандырарлык. Башталгыч класстардын шар окуусу текшерилди.

4-класс – шар окуусу - 64% .Окуй албаган окуучу жок.Бардыгы – 17 окуучу. Окуду-13 окуучу

3-класс – шар окуусу – 44 %. Окуй албаган окуучу жок. Бардыгы – 17 окуучу.Окуду 15 окуучу.

2-класс – 53% ти тузду. Окуй албаган окуучу жок.Бардыгы- 17 окуучу.Окуду15 окуучу.

5-класстын жаны шартка конугуусу. Жыл башында 9 окуучу .
Максаты: сабактарына катышуу, мугалимдер жана ата-энелер менен аңгемелешуу,анкета алуу.Мугалимдер сабактарына катышып, окуучулардын билим сапаты орто экендиги көрүндү. Окуучулардын : Билимов Нурмухаммед,Болотбекова Аяна,Жумакадырова Элинанын тын, билим деңгээлдери жакшы. Кол жазмалары да жакшы. Окуй албаган, жаза албаган окуучу жок. Шар окуусу – 58% ти түздү. Окуучулардан анкета алганыбызда бардык сабактар жана мугалимдер жагып жаткандыгын билдиришти.

10-класска жалпы көзөмөл

Максаты: окуучулардын предметтерди өздөштүрүүсүн ,билим сапатын жана тарбиялуулугун аныктоо.Көзөмөлдүн негизги обьекттилери:

1. Предметтик сабактарды өздөштүрүүлөрү
2. Жат жазуу,текшерүү иштерин алуу(билим сапатын текшерүү)
3. Баалоонун нормага ылайыктыгын кароо
4. Күндөлүктөрдүн абалы:
   а)Баалардын журналдагы баа менен дал келүүсү
   б)Ата-энелер тарабынан көзөмөлдөнүүсү
   в)Класс жетекчи тарабынан көзөмөлдөнүүсү

Физика,орус тил,геометрия,география,кыргыз тил,алгебра,тарых сабактарына катышуу менен анализ берилди.

| | |
|---|---|
| 1.Физика сабагы | Окуучулардын |
| сабакка катышуусу- 100% | Билим сапаты-33% |
| 2.Орус тил сабагы. | Окуучулардын |
| сабакка катышуусу- 100% | Билим сапаты-55% |
| 3.Геометрия | Окуучулардын |
| сабакка катышуусу- 100% | Билим сапаты-33% |
| 4.География | Окуучулардын |
| сабакка катышуусу-97% | Билим сапаты-44% |
| 5.Кыргыз тил | Окуучулардын |
| сабакка катышуусу- 100% | Билим сапаты-37% |
| 6.Алгебра | Окуучулардын |
| сабакка катышуусу- 100% | Билим сапаты-27% |
| 7.Тарых | Окуучулардын |
| сабакка катышуусу- 100% | Билим сапаты-48% |

**Жат жазуу жана текшерүү иштеринин билим сапаты**

1.Кыргыз тилинен 88%

2.орус тилинен 33%

3.Алгебрадан 22%

Окуучулардын жумушчу дептерлерин текшерүүдө кыргыз тилинен дептерлердин абалы жакшы,жазуу иштеринин нормасы аткарылбайт,уй тапшырмалар дайыма эле берилбейт жана дептер убагы менен текшерилбейт.Математика дептерлери так эле ушундай абалда.Башка предметтик дептерлердин абалы жакшы. Жат жазуу дептерлери бардык предметтерде уюштурулган.

Жаш,жаңы келген мугалим менен иштөөдө атайын план иштелип чыгып,иш алынып барылды. Жаш мугалимдерге усулдук жактан жардам көрсөтүү,колдоо усулдук бирикмелердин жана мектептин администрациясынын милдеттери болду.Атайын семинарлар,педагогикалык окуулар,тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышуу жаш мугалимдин

жөндөмдүүлүгүнүн ачыдышына,өнүгүшүнө жардам берди.Төмөндөгү темаларда семинар сабактар өткөрүлүп турду.

1.Мугалимдин жүрүм-туруму.

2.Класстык журналды толтуруу тартиби.

3.Сабактарга катышуу жана аларды талдоо.

4.Баалоонун түрлөрү.

5.Окутуунун заманбап усулдарын пайдалануу.

6.Окутунун уюштуруунун формалары.

**Математика ,информатика жумалыгы**.

Жумалыктын иш планы түзүлдү.Планда: Жумалыктын ачылышы, ачык сааттар,сынактар коюлган.Планга коюлган иш чаралар толук аткарылган жок.Информатика мугалими Адигинеев Чынгыз коюлган ачык сабакты өтө алган жок ал эми математикадан эки гана ачык сабак өтүлдү.Жумалык канааттандырарлык эмес деп бааланды.

**Ноябрь айы**.

Таланттуу жана өздөштүрүүсү начар окуучулар менен иштөө планын текшерүү. Максаты: кошумча сабактардын өтүлүшүнүн сапаттуулугун байкоо.Ар бир предметтик мугалим коюлган жүгүртмө боюнча кошумча сабактарды өтүштү.Бирок өз ишине жоопкерчиликсиз мамиле кылгандар да болду. Алар: матиматика мугалими-Алыбек кызы Анара,Наматов К.К

Спорт эстетика жумалыгы.

Жумалыкка коюлган иш чаранын бардыгы толугу менен аткарылды.

1.Ачык сабактар: адеп,сүрөт,дене тарбия сабактарынан.

2."Адамдын адамдыгы-ыйманы"адеп сабагынан таймаш сабак.

3.Сүрөт жана кол өнөрчүлүк сынактары.

4.Дене тарбия сабагынан эстафеталык оюндар-2-6-класстар жана валейбол оюндары 7-10-класстар.

5.Жыйынтыктоодо жеңишке ээ болгон топторго сыйлыктарды тапшыруу болуп өттү.

6-класска жалпы көзөмөл

Максаты: окуучулардын предметтерди өздөштүрүүсүн ,билим сапатын жана тарбиялуулугун аныктоо.Көзөмөлдүн негизги обьекттилери:

1. Предметтик сабактарды өздөштүрүүлөрү

2. Жат жазуу,текшерүү иштерин алуу(билим сапатын текшерүү)
3. Баалоонун нормага ылайыктыгын кароо
4. Күндөлүктөрдүн абалы:
   а)Баалардын журналдагы баа менен дал келүүсү
   б)Ата-энелер тарабынан көзөмөлдөнүүсү
   в)Класс жетекчи тарабынан көзөмөлдөнүүсү
   кыргыз тил,орус тил,геометрия,география,англистил,математика,тарых сабактарына катышуу менен анализ берилди.

| | |
|---|---|
| 1.кыргыз тил сабагы<br>сабакка катышуусу- 100% | Окуучулардын<br>Билим сапаты-47% |
| 2.Орус тил сабагы.<br>сабакка катышуусу- 100% | Окуучулардын<br>Билим сапаты-62% |
| 3.География<br>сабакка катышуусу-97% | Окуучулардын<br>Билим сапаты-67% |
| 5.англис тил<br>сабакка катышуусу- 100% | Окуучулардын<br>Билим сапаты-37% |
| 6.математика<br>сабакка катышуусу- 100% | Окуучулардын<br>Билим сапаты-22% |
| 7.Тарых<br>сабакка катышуусу- 100% | Окуучулардын<br>Билим сапаты-55% |

**Жат жазуу жана текшерүү иштеринин билим сапаты**

1.Кыргыз тилинен 47 %
2.орус тилинен 61%
3.Алгебрадан 31%

Окуучулардын жумушчу дептерлерин текшерүүдо кыргыз тилинен дептерлердин абалы жакшы,жазуу иштеринин нормасы аткарылбайт,уй тапшырмалар дайыма эле берилбейт жана дептер убагы менен текшерилбейт.Математика дептерлери так эле ушундай абалда.Башка предметтик дептерлердин абалы жакшы. Жат жазуу дептерлери бардык предметтерде уюштурулган.

Башталгыч класстардын шар окуусу текшерилди.

4-класс – шар окуусу - 62% .Окуй албаган окуучу жок.Бардыгы – 17 окуучу. Окуду-13 окуучу

3-класс – шар окуусу – 448%. Окуй албаган окуучу жок. Бардыгы – 17 окуучу.Окуду 15 окуучу.

2-класс – 55% ти тузду. Окуй албаган окуучу жок.Бардыгы- 17 окуучу.Окуду15 окуучу.

Техникалык эреженин сакталышы. Максаты: документтерди текшерүү. Ар бир класста техникалык коопсуздук дептерчелер уюштурулган. Класстык тарбиялык журналдарда жана дептерчелерде окуучулардын колдору коюлуп, маалымат алышкан.

Химия,физика ,информатика кабинеттеринин техникалык эреженин сакталышын кароодо информатика кабинетинин ирээтсиз экендиги бирок техникалык эрежелер дайыма сакталаары көрүнүп турат.Ал эми химия жана физика кабинеттери жок лабараториялык гана кабинет бар.Бардык эреже боюнча колдонулуучу каражаттар сакталган.

**Декабрь айы.**

Кыргыз тил  жумалыгы. Кыргыз тилчи эки мугалим иштейт. Бир жумалык план түзүлгөн. Бирок Туйгунова М.Н. план боюнча сабак өткөн жок. Ачык сабактар өтүлдү, Райымкулова А.О "Акыл ордо"интеллекттуалдык таймаш сабагын өттү. Жыйынтыгында кыргыз тил жумалыгы "канааттандырарлык " деп бааланды.

Окуучулардын жумушчу дептерлерин текшерүүдө кыргыз тилинен жумушчу, жат жазуу дептерлери өзгөчө  5-7-класстарда ирээттүү уюштурулган,  мугалим тарабынан дайыма текшерилип турду. Мугалим тапшырмалардын түрлөрүн өткөрөт. Салыштырмалуу 6--8-9-класстарда дептерлердин абалы канааттандырарлык. Ал эми лабораториялык,практикалык дептерлерди текшерүүдө физика дептерлери ирээттүү,толук жана таза уюштурулган.Химия дептерлери 8-9-класстарда толукбирок кээ бир лабораториялык иштер аткарылган эмес.Жалпысынан иш дептерлер жакшыдан төмөнкү абалда.

4-класска көзөмөл

Максаты: окуучулардын предметтерди өздөштүрүүсүн ,билим сапатын жана тарбиялуулугун аныктоо.

1.кыргыз тил сабагы — Окуучулардын сабакка катышуусу- 100% — Билим сапаты-67%
2.Орус тил сабагы. — Окуучулардын сабакка катышуусу- 100% — Билим сапаты-33%
3.Математика сабагы. — Билим сапаты 55%

**Жат жазуу жана текшерүү иштеринин билим сапаты**

1.Кыргыз тилинен 64%
2.орус тилинен 37%
3.Математикадан 61%

Окуучулардын жумушчу дептерлерин текшерүүдө кыргыз тилинен дептерлердин абалы жакшы,жазуу иштеринин нормасы аткарылат, үй тапшырмалар дайыма  берилет жана дептер убагы менен текшерилет..Башка предметтик дептерлердин абалы жакшы. Жат жазуу дептерлери бардык предметтерде уюштурулган.

4- класстын  шар окуусу текшерилди.

4-класс – шар окуусу -  69% .Окуй албаган окуучу жок.Бардыгы – 18окуучу. Окуду-16окуучу

7-класска жалпы көзөмөл

Максаты: окуучулардын предметтерди өздөштүүсүн ,билим сапатын жана тарбиялуулугун аныктоо.Көзөмөлдүн негизги обьекттилери:

1. Предметтик сабактарды өздөштүрүүлөрү
2. Жат жазуу,текшерүү иштерин алуу(билим сапатын текшерүү)
3. Баалоонун нормага ылайыктыгын кароо
4. Күндөлүктөрдүн абалы:
   а)Баалардын журналдагы баа менен дал келүүсү
   б)Ата-энелер тарабынан көзөмөлдөнүүсү
   в)Класс жетекчи тарабынан көзөмөлдөнүүсү

кыргыз тил,орус тил,геометрия,география,англистил,математика,тарых сабактарына катышуу менен анализ берилди.

1.кыргыз тил сабагы — Окуучулардын
сабакка катышуусу- 100% — Билим сапаты-55%
2.Орус тил сабагы. — Окуучулардын
сабакка катышуусу- 100% — Билим сапаты-38%
3.География — Окуучулардын
сабакка катышуусу-97% — Билим сапаты-72%
5.англис тил — Окуучулардын
сабакка катышуусу- 100% — Билим сапаты-32%
6.математика — Окуучулардын
сабакка катышуусу- 100% — Билим сапаты-28%
7.Тарых — Окуучулардын
сабакка катышуусу- 100% — Билим сапаты-52%

**Жат жазуу жана текшерүү иштеринин билим сапаты**

1.Кыргыз тилинен 58 %
2.орус тилинен 31%
3.Алгебрадан 36%

Күндөлүктөрдү текшерүүдө өз убагында текшерилбейт ,баалар сейрек кездешет.Жалпысынан класс жетекчи тарабынан көзөмөлдөнүлбөйт.

Классты журналдарды текшерүү.

Мектеп ичинде олимпиада ноябрь айынын аягында өткөрүлдү. 6-класстан 10-класска чейинки окуучулар катышты. Олимпиада атайын түзүлгөн пландын негизинде өткөрүлдү. Олимпиададан жакшы жыйынтыкка жетишкен 9—10-класстын окуучулары мектеп аралык(зональный) олимпиадага көрсөтүлдү.

Химия сабагынын берилиши жана окуучулардын билим сапаты. Максаты: мугалимдин колдонгон методдору жана окуучулардын билим деңгээлин текшерүү. Мугалим Кожокеева С. 40 жылдан ашык стаж менен иштейт. Бул мугалимдин методу эскирген. Жаңы методдорду колдонгонго аракет кылат. Көрсөтмө куралдары талапка жооп бербейт. Окуучулардын билим сапаты - 8-класста - 30%, 9-класста - 52 % ти түздү.

Англис тил дептерлеринин текшерилиши 5-9-класс. Англис тил мугалими Абдраева К. 40 жылдан ашык стаж менен иштейт. Бул мугалим көбүнчө балдардын тилин жатыктыруу га карата иш алып барат. Мисалы , китепти окутат, бири- бири менен диалог түздүрөт. Грамматикага көп көңүл бурбайт. Окуучулардын дептери менен көп иштөө сунушталды.

**Январь айы.**

География , тарых жумалыгы.

Планга төмөндөгүдөй иш чаралар коюлган

1.Ачык сабактар

2.Тарых сабагынан "Үркүн" видео тасмасы көрсөтүлдү

3.География жана тарых сабактарынын тапшырмалары камтылган"Акыл ордо"интеллекттуалдык таймашы өткөрүлдү.Жумалык жалпысынан канааттандырарлык өттү деп бааланды.

Класстык журналдарды текшеруу

1-10-класстардын журналдарын текшерүүдө өтө одоно кетирген каталар жок .Ошентсе да эскертүү алган мугалимдер дагы эле катачылыктарды кетирүүдө.Алар:Кубанычбек к. Г,Барыктабасова Т,Абышева А.Ал эми журналды өз убагында ,таза,бааларды нормага ылайык коюп жоопкерчиликтүү мамиле кылган мугалимдер:Алымбаева Н,Наматов К,Акматылдаева Ж,Райымкулова А,Абдыгулова А

Башталгыч класстардын билим сапатын текшерүү.

2-класс

Бардыгы-17 окуучу
Математикадан билим сапаты -43%
Кыргыз тилинен билим сапаты -55%
Адабий окууданбилим сапаты -67%
Орус тилинен билим сапаты -33%

3-класс

Бардыгы-17 окуучу
Математикадан билим сапаты -51%
Кыргыз тилинен билим сапаты -67%
Адабий окууданбилим сапаты -52%
Орус тилинен билим сапаты -31%

4-класс

Бардыгы-17 окуучу
Математикадан билим сапаты -68%

Кыргыз тилинен билим сапаты -72%
Адабий окууданбилим сапаты -69%
Орус тилинен билим сапаты -38%

**3-класска жалпы көзөмөл**

Максаты: окуучулардын предметтерди өздөштүрүүсүн ,билим сапатын жана тарбиялуулугун аныктоо.

1.кыргыз тил сабагы
Окуучулардын сабакка катышуусу- 100%
Билим сапаты-53%
3.Математика сабагы.
Билим сапаты 33%

**Жат жазуу жана текшерүү иштеринин билим сапаты**
1.Кыргыз тилинен 64%
2.орус тилинен 37%
3.Математикадан 61%

Окуучулардын жумушчу дептерлерин текшерүүдө кыргыз тилинен дептерлердин абалы жакшы,жазуу иштеринин нормасы аткарылат,үй тапшырмалар дайыма эле берилбейт жана дептер убагы менен текшерилбейт.Башка предметтик дептерлердин абалы жакшы. Жат жазуу дептерлери бардык предметтерде уюштурулган.

3- класстын шар окуусу текшерилди.

Шар окуусу - 72% .Окуй албаган окуучу жок.Бардыгы – 18окуучу. Окуду-16окуучу

Класс кабинеттердин жасалгасы

Бшталгыч класс кабинеттерин жаны жабдуу менен жасалгалоо болгон жок.Чон класстарда да жанылоо болгон жок.

**Февраль айы.**

**Башталгыч класстардын жумалыгы**

**Башталгыч класста үч мугалим эмгектенет. Жумалык жакшы өттү. Молдокулова А.К. ачык сабактарда окутуунун жаны ыкмаларын көрсөтүп, тажрыйбасын жайылта алды. Манас таануу күн, көркөм ырлар күнү, жаратылыштын кооздугуна суктаналы жана конкурс күнү деп өткөрүлдү.**

**Химия сабагынын берилиши жана окуучулардын билим сапаты. Максаты: мугалимдин колдонгон методдору жана окуучулардын билим деңгээлин текшерүү. Мугалим Кожокеева С. 40 жылдан ашык стаж менен иштейт. Бул мугалимдин методу эскирген. Жаны методдору колдонгонго аракет кылат. Көрсөтмө куралдары талапка жооп бербейт. Окуучулардын билим сапаты – 8-класста – 37%, 9-класста – 49 % ти, 10-класста-39%.**

Класстык журналдарды текшерүү

1-10-класстардын журналдарын текшерүүдө өтө одоно кетирген каталар болгон жок . Класс жетекчилер тарабынан көзөмөл болуп турат.Жалпысынан журналдардын абалы жакшы.

Мугалимдердин өз билимин өркүндөтүүсүн текшерүү. Мында тажрыйбалуу мугалимдер мисалы, Таджиева К.Ж.,Кожокеева С.,Алымбаева Н.С жаш мугалимдерге сабак өтүп турушту. Предметтик семинарлар өтүлүп жатты. Ар бир мугалимдин өз билимин өркүндөтүү дептери уюштурулуп, чейрек сайын текшерилип турду.

8-класска жалпы көзөмөл

Максаты: окуучулардын предметтерди өздөштүрүүсүн ,билим сапатын жана тарбиялуулугун аныктоо. Көзөмөлдүн негизги обьекттилери:
1.Предметтик сабактарды өздөштүрүүлөрү
2.Жат жазуу,текшерүү иштерин алуу(билим сапатын текшерүү)
3.Баалоонун нормага ылайыктыгын кароо
4.Күндөлүктөрдүн абалы:
а)Баалардын журналдагы баа менен дал келүүсү
б)Ата-энелер тарабынан көзөмөлдөнүүсү
в)Класс жетекчи тарабынан көзөмөлдөнүүсү

Кыргыз тил,орус тил ,матиматика,география,тарых,химия,физика сабактарына катышуу менен анализ берилди.

Бардыгы -15 окуучу

| | |
|---|---|
| 1.кыргыз тил сабагы | Окуучулардын |
| сабакка катышуусу- 100% | Билим сапаты-51% |
| 2.Орус тил сабагы. | Окуучулардын |
| сабакка катышуусу- 100% | Билим сапаты-43% |
| 3.Математика | Окуучулардын |
| сабакка катышуусу- 100% | Билим сапаты-31% |
| 4.География | Окуучулардын |
| сабакка катышуусу-97% | Билим сапаты-57% |
| 5.Тарых | Окуучулардын |
| сабакка катышуусу- 100% | Билим сапаты-55% |
| 6.Химия | Окуучулардын |
| сабакка катышуусу- 100% | Билим сапаты-49% |
| 7.Физика | Окуучулардын |
| сабакка катышуусу- 100% | Билим сапаты-51% |

***Жат жазуу жана текшерүү иштеринин билим сапаты***

1.Кыргыз тилинен 51 %
2.орус тилинен 47%
3.Алгебрадан 28%

Окуучулардын жумушчу дептерлерин текшерүүдө бардык предметтердин жазуу иштеринин нормасы аткарылбайт,үй тапшырма дайыма эл текшерилбейт жана дептерлер убагы менен текшерилбейт. Математика дептерлери так эле ушундай абалда.. Жат жазуу дептерлери бардык предметтерде уюштурулган.

**Март айы**

Биология, физика жумалыгы.

Планга коюлган иш чаралар толугу менен аткарылды.
Физика мугалими Алымбаева Н.С. ишине так мугалим. Ачык сабактарды , конкурстарды кызыктуу кылып, көрсөтмөлүү алып барды. Окуучулар сабак учурунда тажрыйба жүргүзүп, сабакка кызыгаары көрүндү.Биология мугалими жаш мугалим Барыктабасова Т.Б дагы ишине жоопкерчилик менен мамиле кылып жаткандыгы көрүндү. Окуучулар менен тил табышып, жакшы сабак көрсөтө алды.

Ийримдер жана класстан тышкаркы иштердин алынып барылышы. Максаты: документтердин ал-абалы. Мектепте 0,25 ставкада биология предметинин ийрим, жетекчиси – Барыктабасова Т.Б. Дене тарбия сабагынан класстан тышкаркы иш 0,25 ставкада алынып барылат. Жетекчиси – Айдралиев М.С. Жумасына 5 сааттан откорулот. Пландары толук, туура түзүлгөн. Атайын журнал уюштурулуп, толтурулуп турат.

Башталгыч класстардын шар окуусу текшерилди.

4-класс – шар окуусу - 72% .Окуй албаган окуучу жок.Бардыгы – 19 окуучу. Окуду-18 окуучу

3-класс – шар окуусу – 52%. Окуй албаган окуучу жок. Бардыгы – 19 окуучу.Окуду 17 окуучу.

2-класс – 67% ти тузду. Окуй албаган окуучу жок.Бардыгы- 17 окуучу.Окуду 17 окуучу.

9-класска жалпы көзөмөл

Максаты: окуучулардын предметтерди өздөштүрүүсүн ,билим сапатын жана тарбиялуулугун аныктоо.Көзөмөлдүн негизги обьекттилери:
1.Предметтик сабактарды өздөштүрүүлөрү
2.Жат жазуу,текшерүү иштерин алуу(билим сапатын текшерүү)
3.Баалоонун нормага ылайыктыгын кароо
4.Күндөлүктөрдүн абалы:
а)Баалардын журналдагы баа менен дал келүүсү
б)Ата-энелер тарабынан көзөмөлдөнүүсү
в)Класс жетекчи тарабынан көзөмөлдөнүүсү

Кыргыз тил,орус тил ,матиматика,география,физика,биология сабактарына катышуу менен анализ берилди.

Бардыгы -16 окуучу

1.кыргыз тил сабагы Окуучулардын
сабакка катышуусу- 100% Билим сапаты-47%
2.Орус тил сабагы. Окуучулардын
сабакка катышуусу- 100% Билим сапаты-39%
3.Математика Окуучулардын
сабакка катышуусу- 100% Билим сапаты-56%

4.География Окуучулардын
сабакка катышуусу-97% Билим сапаты-60%
5.Биология Окуучулардын
сабакка катышуусу- 100% Билим сапаты-31%
6.Физика Окуучулардын
сабакка катышуусу- 100% Билим сапаты-31%

**Жат жазуу жана текшерүү иштеринин билим сапаты**

1.Кыргыз тилинен 31%
2.орус тилинен 33%
3.Алгебрадан 25%

**Жаш мугалимдер менен иш алып баруу боюнча**

Насаатчы мугалимдер:

Таджиева К.Ж,Туйгунова М.Н,Молдокулова А.К өзүлөрүнө бекитилген жаш мугалимдер менен иш алып барууда өзгөчө көңүлдү сабактын өтүү структурасына буруу менен мугалимдерди убакытты туура жана сапаттуу пайдаланууга үйрөтүп келишет.Жаш мугалимдин сабактарына катышуулар аз.Ал эми жаш мугалим тажрыйбалуу мугалимдин сабагына катышуусу арбын.

Ийримдер жана класстан тышкаркы иштердин алынып барылышы. Максаты: документтердин ал-абалы. Мектепте 0,25 ставка менен биология предметинин ийрим жетекчиси – Барыктабасова Т.Б, дене тарбия сабагынан класстан тышкаркы иш 0,25 ставкада алынып барылаары белгилүү. Жетекчиси – Айдралиев М.С. Жумасына 5 сааттан өткөрүлөт.Сабактар өз убагында өткөрүлөт. Журнал толтурулуп турат.

**Апрель айы**

2-класска жалпылоочу көзөмөл. Максаты: Билим сапатын текшерүү. 2-класстын мугалими – Керим кызы А. Жыл аягында 19 окуучу бүтүрдү. 3 -отличник, 2- ударник болду. Билим сапаты 29% ти түздү. Окуучулардын бардыгы дээрлик жаза алышат. Бир кошуп окуй албайт. Дептерлеринин, күндөлүктүрүнүн толтурулушу, текшерилиши мугалим тарабынан дайыма көзөмөлдөнүп турат. Бул окуучулардын ата-энелер менен бирдикте иштер алынып барылат

Англис тил жумалыгы.
Эстетика илимдеринин бирикмесинин иш чаралары кыйла ирээти менен өтүп жатат.Жылдык планга коюлган иш чаралардын иштелмелери,анализдери жана токтомдору жазылган.Бир гана эмгек сабагынан планга коюлган доклад сабагы убагында аткарылбай калгандыктан кайра кийинки усулдук кенешмеге жылдырылып мугалимге өтүп берүүсү сунушталды. Бардык усулдук бирикмелердин иши өз убагында аткарылган. Жетекчилер ар бир предметтик мугалимдер менен тыгыз байланышта иш алып барышат жана токтомдор өз убагында өткөрүлүп жана анализдер жазылып турат.

**Райондук олимпиадага даярдык көрүү.**

10-11-класстын 1-2 – орун алган окуучулар райондук олимпиадага жолдомо алышты. Райондук олимпиадага катышуучулар төмөнкү окуучулар деп табылды жана айрым предметтерден бара турган окуучулар жок болгондуктан 9-класстын зээндүү окуучусу Дуйшенкулова Жибек жөнөтүлдү,себеби 10-11-класста окуучулардын саны өтө аз жана бир окуучуну бир нече сабакка тандоого туура келбегендиктен кээ бир сабактарга бара турган окуучулар жок.

| № | Аты-жөнү | предмет | класс |
|---|---|---|---|
| 1 | Токтобекова Нагима | Тарых | 11 |
| 2 | Мустафаев Бейшенбек | Кыргыз тили | 11 |
| 3 | Темирбекова Нуркыз | География | 11 |
| 4 | Мирбек кызы Камилла | Математика | 10 |
| 5 | Кубанычбек кызы М | Физика | 11 |
| 6 | Дуйшенкулова Жибек | Орус тили | 9 |

Жогорудагы окуучуларды райондук олимпиадаларга даярдоо милдети ар бир предметтик мугалимдерге жүктөлдү

**Январь айы.**

Класстык журналдарды текшерүү.

1-10-класстардын журналдарын текшерүүдө өтө одоно кетирген каталар жок .Ошентсе да эскертүү алган мугалимдер дагы эле катачылыктарды кетирүүдө.Алар:Акбар кызы Мээрим, Садыков Кубанычбек, Кабылбекова Айпери. Ал эми журналды өз убагында

,таза,бааларды нормага ылайык коюп жоопкерчиликтүү мамиле кылган мугалимдер:Райымкулова А, Арымбаева Р.

**11-класска жалпы көзөмөл**

1. 11-класста бардыгы 7 окуучу .Жума бою катышуусу 61%.Класс жетекчиси Туйгунова М.Н. Претметтердин берилиши боюнча: жума ичинде 3 предметке катышуу жүргүзүлдү,кыргыз тили, биология жана орус тили сабактарына көзөмөл жүргүзүлдү.
   Кыргыз тили мугалими: Туйгунова М.Н.
   Кыргыз тил сабагын окуучулар жакшы өздөштүрөт,себеби мугалим көп жылдык тажрыйбасы бар.Сабак өз максатына жетти жана жеткиликтүү болду.
   Билим сапаты:37%
   Жетишүүсү:100

19.01.21-жыл биология сабагынан катышуу жүргүзүлдү.Сабактын структурасы туура өтүлдү.Мугалим Кийизбаев Капар көп жылдык тажрыйбалуу мугалим болгондуктан убакытты туура пайдаланды жана бир нече методдорду колдонуп жетишти.Окуучулар активдүү катышышты арасында айрым окуучулар орто жооп беришти.Мугалим кошумча логикалык суроолорду берип сабакты кызыктуу өттү.

Жетишүүсү: 88,9%

Билим сапаты: 44.4%

Орус тили сабагына катышуу жүргүзүлдү.

Мугалим: Кабылбекова Айпери.

Мугалим жаш сабактын структурасын жакшы өздөштүрө элек.Бирок өз предметин жакшы билет.Окуучулар сабакта активдүү катышты.

Жетишүүсү: 100%

Билим сапаты:45%

Мындан тышкары дептерлерди текшерүү иштери жүргүзүлдү.

1.Математика дептерлеринин сырткы абалы орто.Окуучулар атайын предметтик дептер менен иштешет.Системалуу текшерилбейт.Бардык материалдар окуучулардын дептеринде бирдей эмес.

2. Орус тили дептерлеринин сырткы абалы канааттандырарлык.Дептер убагында эле текшерилип турат жана туура бааланат.

3.Кыргыз тили дептерлеринин абалы орто.Системалуу текшериле бербейт.Орфография менен иштөө иштери көп жүргүзүлбөйт балдар ката көп жазышат.

4.Химия,физика сабактарынын лабораториялык дептерлери уюштурулган жана убагында текшерилип турат.

Бул текшерүүдөн тышкары 11-класстын окуучуларынан анкета алынган.Окуучуларга канткенде билим сапатын көтөрө алабыз,сабакка кызыгуу учун мугалимдердин кандай иш аракетин көргүңөр келет,максат коюп келечек жөнүндө ойлонушабы ж.б.ушул сыяктуу суроолор берилген.Окуучулардын ой жүгүртүүлөрү начар,өз ойлорун айтуудан тартынышат. Көзөмөлдүн жыйынтыгында маалымдама жазылып эскертүүлөр берилди.

**Химия жумалыгы.** Мугалим Кийизбаев Капар.Жумалыкта викторина, логикалык суроолор, ар кандай химиялык практиклык иштерди көрсөтүү менен кызыктуу өтүлдү.Окуучулар жумалыкта активдүү катышышып грамота менен сыйланды.

**1-жарым жылдыкта бир сабагынан "3" чыккан** окуучулар менен иш алып барууну кароо.

1-чейректе бир сабагынан "3" чыккан төмөнкү окуучулар:

1.Кубатбекова Медина орус тили сабагынан мугалими Кабылбекова Айпери

2.Билимов Нурмухаммад география сабагынан мугалими Наматов К.К.

3.Рыскулбеков Омурбек физика сабагынан мугалим Алымбаева Назгул

4.Чынкожоева Аяна алгебра сабагынан мугалим Алыбек кызы А.

Ал эми 1-чейректе бир сабагынан "4" чыгып отличникке жетпей калган 6- классынын окуучусу Жумабекова Айзирек биология сабагынан,мугалими Кийизбаев Капар

II чейрек

Бир сабагынан "3" чыккан төмөнкү окуучулар

1.Иличова Айгерим 4-класс,англис тилинен мугалим Акматылдаева Ж.Ж.

2.Исаев Алихан 5-класс,адам жана коом сабагынан мугалим Наматов К.К.

3.Кубатбекова Медина 7-класс,физика сабагынан мугалим Алымбаева Назгул

4.Чынкожоева Аяна 9-классынын окуучусу алгебра мугалими Алымбек кызы Анара

Жогорудагы фактыларга таянып төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарылды.Окуучуларга сабактарды кызыктырып өтүү жана индивидуалдык мамиле жасай билүү сунушталды.

**Февраль айы.**

**Орус тили жумалыгы**

Орус тили сабагынан эки мугалим эмгектенет.Жаш мугалимдер окуучуларга көп кошумча кызыктуу материалдарды колдонуп жакшы аракеттерин көрсөтүштү.Окуучулар жомок аткарышты,ыр ырдашты,орус тилинде макалдарды айтышты.Жумалык жакшы өтүлдү деп маалымат жазылды.

**Класстык журналдарды текшерүү**

1-10-класстардын журналдарын текшерүүдө өтө одоно кетирген каталар болгон жок . Класс жетекчилер тарабынан көзөмөл болуп турат.Жалпысынан журналдардын абалы жакшы.

**Тарых сабагынын берилиши**

17.01.21. алгач 7-класска тарых сабагына катышуу жүргүзүлдү.Мугалим 7-класстарга Карахан кагандыгы жөнүндө өттү Сабакта бир нече методдор колдонулду, карта менен иштөө,ооз ээки сүйлөө жана ыкчам тест да колдонулду.Окуучулар топтор менен жакшы иштей билишет жана жуптар менен иштөөдө да эң жакшы жыйынтыктарды көрсөтүп жатышты. Сабак максатына жетти жана жеткиликтүү өтүлдү деп бааланды.

19.01.21. 9-класстарга тарых сабагына көзөмөл жүргүзүлүп.Сабакка окуучулар активдүү катышышты.Мугалим сабакты жандуу өттү.Сабак алгач окуучуларга жакшы маанай тартылоо менен башталды.Тема «адамдын дене түзүлүшү» максаты туура коюлган жана сабактын структурасы туура сакталды.Мугалим бир нече көрсөтмө куралдарды колдонуп программадан тышкары көп интерактивдүү көнүгүүлөрдү окуучуларга тартуулады.

Мындан тышкары окуучулардын дептерлери,кошумча хронолохиялык дептерлери да текшерилди жана мугалимдин иш кагаздары текшерилди.Окуучулар убагында үй тапшырмаларын аткарышат жана нормага ылайык конспект жазышат.Мугалимдин иш кагаздары талапка жооп берет жана убагында аткарылган. Мугалим өз предметин жакшы билет жана сабактарды окуучуларга жеткиликтүү өтөт.Ошондой эле изденүү жана чыгармачылык менен иштейт.

**Англис тили жумалыгы**

Жумалыкта мугалим англис тилинин дүйнөлүк тил экендигин так жеткизе берди.Оуучулардын англис тилине кызыгуусу жакшы.Жумалыкта ачык сабактар өтүлүп жаш мугалимдер кирип жаны окуутунун методикаларын үйрөнүштү. “Spelling Bee” жана “I love English” конкурсуна окуучулар активдүү катышып, грамота менен сыйланышты.

**Өздөштүрүүсү начар окуучулар менен иштөөнү көзөмөлдөө.**

Начар окуучулар менен иштөө боюнча ар бир мугалимдин документтери,папкалары жана колдонулуучу материалдары талапка жооп берет.Өз убагында сабактар өтүлүп турат.Ар бир өздөштүрүүсү начар окуучулардын дептерлери бар.Мугалимдер убагында план жазып бекитип турушат.

**Ийримдер жана класстан тышкаркы иштердин алынып берилиши.** Максаты: документтердин ал-абалы. Мектепте 0,25 ставкада орус тили предметинин ийрим, жетекчиси – Кабылбекова А.Т. жана Акбар кызы Мээрим . Жумасына 1 сааттан өтүлөт.Дене тарбия сабагынан класстан тышкаркы иш 0,25 ставкада алынып барылат. Жетекчиси – Садыков К.Э. Жумасына 5 сааттан өткөрүлөт. Пландары толук, туура түзүлгөн. Атайын журнал уюштурулуп, толтурулуп турат.

**Практикалык,лабораториялык жазуу иштерине көзөмөл жүргүзүү.**

Текшерүүдө дептерлердин жалпы абалы орто.Талапка ылайык №1.№2 дептерлер уюштурулган.

Математика сабагынын дептерлеринин абалы орто.Мугалимдер үзгүлтүксүз текшерүү жүргүзүп жатат.Баалоо дептерлерде сейрек кездешет.Сырткы абалы да орто.Үй тапшырмалар убагында аткарылат бирок мугалим тарабынан баа кээ бир учурларда коюлбай калат.

Текшерүүдө практикалык дептерлердин абалы физика сабагыныкы талапка жооп берет,убагында текшерилип,бааланып турат.Программада болгон баардык материалдар дептерлерде мөөнөтү менен дал келет жана сырткы абалы да жакшы сакталган.Мугалим окуучулар менен тыгыз байланышта практикалык иш жүргүзүп жатканы көрүнүп турат.

Жогорудагы фактыларга таянып төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарылды.Жазуу практикалык жана лабораториялык дептерлердин абалы жана предметтик дептерлер өз убагында текшерилип балоо иши жүргүзүлсүн

Биология,химия сабагынын дептерлеринин иши дээрлик орто,убагында текшерилип турат бирок окуучулар айрым учурларда убагында сабакка дептерлерин алып келбегендиктен кээ бир темалар жазылган эмес.

**Март айы**

**Математика жумалыгы**.

Жумалыктын иш планы түзүлдү. Планда:
Жумалыктын ачылышы, ачык сааттар,сынактар коюлган.Планга коюлган иш чаралар толук аткарылды.Мугалим Алыбек кызы Анаркуль ачык сабак,эстафета жана кошумча маалыматтарды окуучуларга ар тараптуу кылып өттү.Өзгөчө эстафетага окуучуларга кызыгуу менен катышышты.

**ЖМА жана ЖРТ боюнча иш алып барууну көзөмөлдөө.**

ЖРТ быйыл башка жылдан өзгөчөлөнүп аралыктан каттоо жүргүзүлүп,окуучулар убагында каттоодон ийгиликтүү өттү.

Ал эми ЖМА. былтыркы жылдай эле окуучулардын катышуусу жок эле экзамен ала турган мугалимдер мектептен ведомость,протокол жана акт түзүп окуучулардын экзамендин баасы текшерүү иш,тест жана чейректик баалардын негизинде коюлду.

**Жаш мугалимдер менен иш алып баруу боюнча**

Насаатчы мугалимдер:Туйгунова М.Н, Арымбаева Р.К. Өзүлөрүнө бекитилген жаш мугалимдер менен иш алып барууда өзгөчө көңүлдү сабактын отүү структурасына буруу менен мугалимдерди убакытты туура жана сапаттуу пайдаланууга үйрөтүп келишет.Жаш мугалимдин сабактарына катышуулар аз.Ал эми жаш мугалим тажрыйбалуу мугалимдин сабагына катышуусу арбын.

**Класстык журналдарды текшерүү**

1-11-класстардын журналдарын текшерүүдө өтө одоно кетирген каталар болгон жок. Айрым учурларда бааларды жана коюлган даталарды оңдоодо болду,ал мугалимдерге эскертүү берилди.Класс жетекчилер тарабынан көзөмөл болуп турат.Жалпысынан журналдардын абалы жакшы.

**Химия жана биология сабагынын берилишин көзөмөлдөө.**

15.03.21. 6-класстарга биология сабагына катышуу жүргүзүлдүү.Окуучулар биология сабагын кызыгып окушат жана мгуалим окуучулар менен болгон мамилеси жакшы.Сабакта мугалим предметтен тышкары башка маалыматтарды да камтып айтып окуучуларды шыктандырып жатты.Көбүнчө окуучулар конспект жазуу менен иштешет.Негизги биологиялык терминдердин айрым окуучулар түшүнүшпөйт бирок мугалим кошумчалап түшүндүрүү сабагын өтүп турат.

Ал эми кийинки куну 16.03.21. биология сабагы 7-класска көзөмөл жүргүзүа алуу боюнча мугалим Кийизбаев Капар окуучуларга жалпы дүйнөдө болуп жаткан глобалдык маселе абанын бузулушу жана анын алдын алуу боюнча маалымат берип сабакты баштады.Окуулар өтүлгөн материалдарды бышыктоодо жакшы жооп беришти.Сабак программа боюнча убагы менен өтулуп жатат,окуучулардын дептеринде ар бир тема түшүнүктүү конспектиленип текшерилген.Практикалык дептерлеринде иш чаралар сүрөттөрү менен көрсөтүлүп турат.Мугалим окуучуларга кошумча маалыматтарды кошуп өтөт.

17.03.21. химия сабагына 10-класстарга көзөмөмөл жүргүзүлдү.Химия сабагынан кыйла окуучулардын билими төмөн.Мугалим болгон күчүн салып өткөнгө аракет кылат жана ар бир сабакта химия сабагынын элементтерин таблицадан корсотуп кайталап өтөт.Мугалим көбүнчө сабакта логикалык суроолорду колдонот.Химиялык реакцияларды чыгарууда мугалим окуучуларга убактысын көп кетирет,себеби окуучулардын кабыл алуусу жай.

18.03.21.химия сабагына 11-класстарга көзөмөл жүргүзүлдү.Бул класста жети гана окуучу билим алат.Мугалим жети окуучуга жеке иш алып барууга убактысы жетет.Окуучуларга химия сабагынын органикалык элеметтери жөнүндө сабак өттү.Окуучулар ар бир тапшырманы туура жана так аткарып жатышты.Мугалим сабакты структурасын сактап жандуу өттү.Сабакта ыкчам тес жана практикалык иш көрсөттү.

Жогорудагы фактыларга таянып төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарылды.Мугалим химия жана биология сабактарын чыгармачылык менен жеткиликтүү кылып өтөт.Окуучулар биология сабагына кызыгуулары жакшы.

**Апрель айы**

**Биология жумалыгы.**

Планга коюлган иш чаралар толугу менен аткарылды.Жумалык кырдаалга байланыштуу аралыктан өттү.Видео сабак,ар кандай тапшырмаларды жана кошумча маалыматтарды берип окуучулардын кызыкчылыгын арттырды.
Биология мугалими Кийизбаев Капар ишине так мугалим. Ачык сабактарды ,

конкурстарды  кызыктуу кылып, көрсөтмөлүү алып барды. Окуучулар сабак учурунда тажрыйба жүргүзүп, сабакка кызыгаары көрүндү.Мугалим ишине жоопкерчилик менен мамиле кылып жаткандыгы көрүндү. Окуучулар менен тил табышып, жакшы сабак көрсөтө алды.

**Башталгыч класстардын  шар окуусу текшерилди.**

4-класс – шар окуусу -  72% .Окуй албаган окуучу жок.Бардыгы – 17окуучу. Окуду-17 окуучу

3-класс – шар окуусу – 52%. Окуй албаган окуучу жок. Бардыгы – 14 окуучу.Окуду 14 окуучу.

2-класс – 67% ти түздү.  Окуй албаган окуучу жок.Бардыгы- 16 окуучу.Окуду 16 окуучу.

**Окуу китептеринин сакталышы** боюнча рейддер жүргүзүү. Окуу жылынын башында жана окуу жылынын аягында китептердин ал-абалы текшерилип турду. Өзгөчө башталгыч класстардын китептеринин ал-абалы начар.  Китептер толук жетишпейт. Келген жаны китептер ондон гана болуп балдарга  толугу менен жетишпейт. Аргасыздан үч жылдын китептери менен окууга туура келет. Окуу материалдары дал келбей калат. Жетишпеген китептер тууралуу Кемин райондук билим берүү бөлүмүнө заявка берилип турат.

**Окуучулардын жумушчу дептерлерин текшерүүдө**.Башталгыч класстын жумуш дептерин текшерүүдө 2-3-1-класстын дептерлери убагында текшерилип,темалар ирээти менен жазылган ал эми 4-класстын жумуш дептери ирээтсиз уюштурулган мугалимге эскертүү берилди.5-7-класстардынкыргыз тилинен жумушчу, жат жазуу дептерлери түзүк экендиги аныкталды.Мугалим тарабынан  дайыма текшерилип турду. Мугалим тапшырмалардын түрлөрүн өткөрөт. Салыштырмалуу 6--8-9-10-класстарда дептерлердин абалы канааттандырарлык.Ал эми башка предметтердин жумушчу дептерлердин абалы канааттандырарлык.

**Экзамендерге даярдык көрүү.**

9-класстын математика,кыргыз тил сабактарынан машыгуу экзамени өткөрүлдү.Жыйынтыгында...

Окуучулардын саны-16
Математикадан-13.04.18. болуп өттү
Билим сапаты-28%

Кыргыз тилинен-18.04.18.  болуп өттү
Билим сапаты-37%

**Класстык журналдарды текшерүү**

1-11-класстардын журналдарын текшерүүдө өтө одоно кетирген каталар болгон жок. Айрым учурларда бааларды жана коюлган даталарды оңдоодо болду,ал мугалимдерге эскертүү берилди.Класс жетекчилер тарабынан көзөмөл болуп турат.Жалпысынан журналдардын абалы жакшы.

**Май айы**

**Программанын аткарылышы**

Быйылкы окуу жылында 1-чейрек 44саат, 2-чейрек 35 саат, 3-чейрек 48 саат,4-чейрек 36 саат өтүлүп жыл бою 163 саат өтүлдү.Майрам күндөр жүгүртмөгө чачыратылып коюлуп сааттар толук чыкты,ал эми айрым мугалимдердики толук чыкпай калгандыгынын себеби эмгекке жараксыз баракка чыккандыгына байланыштуу ордуна сабак өткөнгө мугалим жок болгондуктан сааттары жетпей калды.

## Экзаменге даярдык көрүү.

Экзамендик материалдарды даярдоо иш чарасы(кочуруу) апрель айында эле жургузулгон. Алардын программага туура келишин тандоо боюнча экзаменди тактоо, экзамендин жүгүртмөсүн түзүү, экзамендин алынып барылышы , материалдардын даярдалышы тууралуу жана быйылкы окуу жылындагы өзгөрүлгөн буйруктарды талкулоо иши жүрүп турду. Өзгөчө 9-класстын кыргыз тилинен баяндамасы журналга дробь менен коюлары баса белгиленди.Комиссиянын курамы түзүлдү.

**Класстык журналдарды текшерүү**

1-11-класстардын журналдарын текшерүүдө тажрыйбасы аз жаш мугалимдер сабактын өтүүлүчү даталарын ката коюп жана бааларды оңдоо жүргүзүлгөндүгү үчүн эскертүүлөр берилди.Журнал убагында текшерилип турат.

**Июнь айы**

Жыйынтыктоочу аттастациялоо. Быйылкы окуу жылында 9-11класстарга гана окуучулардын катышуусу жок эле тестердин,текшерүү иштердин жыйынтыгы жана чейректик баалардын негизигнде баалар коюлуп экзамендер алынды. Окуучулар 4 предмет боюнчса экзамен тапшырышты. 9-класс

Математикадан -02.06.21 Кыргыз тилден-04.06.21
Орус тилден -10.06.21
Тарыхтан -08.06.21

11-класс

1. Математикадан-03.06.21
2. Кыргыз тилден -07.06.21
3. Орус тилден -11.06.21
4. Тарыхтан -09.06.21

Экзамен жобонун негизинде эрежелерди сактоо менен тынч өттү.

**Тесттердин жыйынтыгы боюнча салыштыруу.**

**2018-2019 окуу жылы**

**9-класс**

1.Абдылдаев Эрлан- география 8/-,    тарых-11/3

2.Араобаева Нагима-география -11/3, тарых-12/3

3. Билимова Айжан – география 10/-, тпрых – 10/-

4. Жумакадырова Айназик-география-13/3, тарых – 11/3

5. Кенешбек кызы Айсалкын – 14/3, тарых 7/-

6.Курманбек уулу Адилет – 11/3, тарых -10/-

7. Мустафаев Бейшенбек – география 13/3, тарых- 14/3

8.Темирбекова Нуркыз – география -14/3, тарых – 10/-

Бардыгы 8 окуучу катышкан.

Алардын ичинен :

Тарых-0%

География-0%

Окуучулардын тандаган предметтеринин география жана тарых сабагынан билим сапаты өтө минималдык көрсөткүчтү көрсөтүп турат.

Мугалим –Наматов К.К. Кесиби – география мугалими. Стажы – 3 жыл

Мугалим – Абдыгулова А.К. Кесиби – тарых мугалими. Стажы – 9 жыл

**10-класс**

1.Жанышева Сабира – физика- 5/-

2. Ишеналиев Азим-физика- 8/3

3.Керимбеков Сыймык– физика- 7/-

4.Кубанычбек кызы Сымбат– физика- 4/-

5. Орозбаев Дастан– физика- 5/-

6. Сартбаев Азимбек– физика- 3/-

7.Сексеналиева Аделина– физика- 3/-

8.Сулайманова Алия– физика- 1/-

9. Уланова Адинай– физика- 4/-

Бардыгы 9 окуучу катышкан.

Алардын ичинен :

Физика-0%

2.Аскат кызы Мадина -география-8/-

3. Бейшеналиев Абдурахим-география-15/3, биология-7/-

4.Ишеналиев Адил-география-13/3, кыргыз тили -19/4, орус тили – 19/4

5. Кадыркулова Сезим-география-11/-, биология-7/-

6. Казакбаева Айсулуу-география-7/-, орус тили- 19/4

7. Керимбекова Айгерим-география-13/3, тарых 10/-

8. Кубатбеков Ислам-география-9/-, орус тили -17/3, тарых 8/-

9. Мирбек кызы Камилла-география-14/3, биология-7/- англис тили 5/-

10. Оморов Белек-география-6/-, биология-7/-,тарых 5/-

11. Саякбаев Элдияр-география-17/4, биология-7/-

12. Темирбеков Нуржигит-география-15/3, тарых 7/-

13. Чокомбаев Адил-география-9/-, биология-7/-




Бардыгы 7 окуучу катышкан.

Алардын ичинен :

Орус тили-15%

Биология-0%

География-8%

Тарых-0 %

Кыргыз тили-8%

Окуучулардын тандаган предметтеринин ичинен орус тили сабагынан билим сапаты орточороок көрсөткүчтү көрсөтүп турат.

Мугалим –Бабырова Ж.К.– орус тил мугалими. Стажы – 36 жыл.

Мугалим – Абдыгулова А.К. Кесиби – тарых мугалими. Стажы – 9 жыл

Эң төмөнкү көрсөткүч – биология,география,тарых,англис тили,кыргыз тили сабагы .

Мугалим –Наматов К.К. Кесиби – география мугалими. Стажы – 3 жыл

Мугалим – Абдыгулова А.К.  Кесиби – тарых мугалими. Стажы – 9 жыл

Мугалим – Кийизбаев К. Кесиби- биология мугалими. Стажы-43 жыл

Мугалим- Туйгунова М.Н. Кесиби-кыргыз тили мугалими.Стажы-32 жыл

**10-класс**

1.Абдылдаев Эрлан-кыргыз тили-14/-

2.Аралбаева Нагима-география -10/-,тарых-7/-

3.Билимова Айжан-география-9/-

4.Кенешбек кызы Айсалкын-биология-8/-, кыргыз тили(мамлекеттик тил)-19/4

5.Кучбекбек кызы Махабат-география-9/-, орус тили-24/5

6.Мустафаев Бейшенбек-кыргыз тили-15/3

7.Темирбекова Нуркыз-география -17/4, тарых-20/4




Бардыгы 7 окуучу катышкан.

Алардын ичинен :

Орус тили-14%

Биология-0%

География-14%

Тарых-14%

Кыргыз тили-0%

Мамлекеттик тил-14%

Окуучулардын тандаган предметтеринин ичинен орус тили, география,тарых,мамлекеттик тил сабагынан билим сапаты төмөндөн жогорураак көрсөткүчтү көрсөтүп турат.

Окуучулардын тандаган предмети физика сабагынан билим сапаты өтө минималдык көрсөткүчтү көрсөтүп турат.

Мугалим – Алымбаева Н.С. Кесиби – физика мугалими. Стажы – 39 жыл

**11-класс**

1.Алымбек кызы Дениза- география- 8/-, тарых - 3/-

2.Бейшеналиев Азамат-география- 9/-, тарых - 13/-, орус тили – 8/-

3. Исаев Баяке-география- 13/3, тарых - 18/4

4. Каныбекова Элиза-география- 14/3, тарых - 21/4

5.Мукашов Курманбек-география- 5/-, тарых - 9/-, орус тили- 5/-

6.Саманалиева Айназик-география- 5/-, тарых - 13/3, орус тили- 9/-

7. Туратбек кызы Махабат-география- 7/-, тарых - 12/3




Бардыгы 7 окуучу катышкан.

Алардын ичинен :

Орус тили-0%

Тарых-29%

География-0%

Окуучулардын тандаган предметтеринин ичинен тарых сабагынан билим сапаты орточо көрсөткүчтү көрсөтүп турат.

Мугалим – Абдыгулова А.К. Кесиби – тарых мугалими. Стажы – 9 жыл

Эң төмөнкү көрсөткүч – орус тил,география сабагы .

Мугалим – Омуралиева Дуйшокан– орус тил мугалими. Стажы – 40 жыл.

Мугалим –Наматов К.К. Кесиби – география мугалими. Стажы – 3 жыл

**2019-2020 окуу жылы**

**9-класс**

1.Алмаз кызы Айжамал-география-14/3

Мугалим –Бабырова Ж.К.– орус тил мугалими. Стажы – 36 жыл.

Мугалим –Наматов К.К. Кесиби – география мугалими. Стажы – 3 жыл

Мугалим- Туйгунова М.Н. Кесиби-кыргыз тили мугалими.Стажы-32 жыл

Мугалим – Абдыгулова А.К. Кесиби – тарых мугалими. Стажы – 9 жыл

Эң төмөнкү көрсөткүч – биология,кыргыз тили сабагы .

Мугалим – Кийизбаев К. Кесиби- биология мугалими. Стажы-43 жыл

Мугалим- Туйгунова М.Н. Кесиби-кыргыз тили мугалими.Стажы-32 жыл

**2020-2021- окуу жылы**

Быйыл окуучулар кырдаалга байланыштуу улуттук тестирлөөгө барышкан жок.

Жыйнтык: үч жылдын тестинин жыйынтыгын салыштыра келсек,быйыл кырдаалга байланыштуу окуучулар тестирлөөгө барган жок.

Окуу завучу: Ж.Ж.Акматылдаева

**2020-2021-окуу жылындагы Кемин районунун жалпы билим берүү мектептеринде социалдык педагогдордун иштеринин планы**

**Максаты: Мектепте социалдык – психологиялык жагымдуу атмосфера түзүү.**

**Багыты:**
**1. Окуу процессинде иш алып баруу- 50%**
**2. Үй-бүлө жана ата-эне менен иштөө- 25%**
**3.Коомчулук жана коомдук уюмдар менен бирдикте аракеттенүү -25%**

**Милдеттери:**
**1.Психологиялык депрессияга кабылгандар жана мүнөзү оор балдар менен иштөө;**
**2. Мектепке тартылбаган жана кароосуз калган балдар менен иштөө;**
**3. Улуттук маселе жана социалдык жактан кескин айырмаланган үй-бүлөөнүн балдары менен иш алып баруу (аз камсыз үй-бүлөө, коп булоолуу үй-бүлөө ж.б.);**
**4. Тарбиясы начар, тентек же ар кандай адепсиз ишке оомо ("Тобокел" тобу ) балдар менен иш алып баруу;**
**5. Жетим жана жарым жетим балдарга психологиялык жардам көрсөтүү;**
**6. Балдардын акысыз эмгегин пайдаланган ата-энелер же жарандарга түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.**
**7. Өзгөчө муктаждыктагы (психологиялык жана моралдык жактан) жана ооруулуу (инклюзив) балдар менен иш алып баруу.**
**8. Ата-энеси чет өлкөдө иштеп жүргөн балдар менен иштөө;**
**9.Туруксуз үй-булөөнүн балдары жана асыранды (опекун) балдар менен иштөө;**
**10. Сабакты көп калтырган, кечиккен жана сабактан качкан окуучулар менен иш алып баруу;**
**11. Бангилик, тамеки, насвай чегуу жана ичкиликке жакын балдар менен иштөө;**
**12. Ыктыярдуу түрдө ар кандай диний секталарга же мечитке барып жүргөн балдар менен иштөө (диний көз карашына байланыштуу мектеп формасын бузган кыздар же балдарга түшүндүрүү иштерин жүргүзүү) ;**
**Тиешелүү иш кагаздар:**
**1. Мониторинг папкасы;**
**2. ИДН кызматкерлери менен иштөө папкасы,**
**3. Окуучуларга социалдык - психологиялык байкоо жүргүзүү дептери;**
**4. Иш план жана отчеттор папкасы;**
**5. Рейд дептери;**
**6. Тиги же бул топко тиешелүү окуучулардын тизмеси;**
**7. Буйруктар жана анын аткарылышы боюнча отчеттор;**
**Жогорку милдеттерди ишке ашыруу үчүн райондук жалпы билим берүү уюмдарында 2020-2021-окуу жылында иш-чаралардын планын жүзөгө ашыруу зарыл.**

| № | Иш-чаралар | Мөөнөтү | Жооптуу | Форма отчёт |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Профилактикалык кенешмелердин кенешмесин уюштуруу жана иш пландарын иштеп чыгуу. | 2020-жылдын 15-сентябрына чейин. | Мектеп администрациясы, ИДН жана ата-энелер комитети. | План жана протоколдор. |
| 2. | Окуучулардын курамын, турмуш-тиричилик шарттарын жалпы аныктоо (учеттогу, жарым-жартылай, томолой жетим, көп балалууларды, мүмкүнчүлүгү чектелген ж.б. тизмесин тактоо) | Сентябрь | Социалдык педагог | Балдардын тизмеси |
| 3. | Мектептин социалдык паспортун түзүү | Сентябрь | Социалдык педагог | Маалымат |
| 4. | Көп балалуу, турмуш-шарты начар үй-бүлөлөрдүн, жетим балдардын материалдык абалын изилдөө | Октябрь | Социалдык педагог | Социалдык педагог |
| 5. | Томолой жана жарым-жартылай жетимдерге, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө айыл өкмөтү, коомдук уюмдар менен бирдикте жардамдарды көрсөтүү | Ноябрь | Социалдык педагог | Социалдык педагог |
| 6. | Аз камсыз үй-бүлөлөргө, айыл өкмөт, коомдук уюмдар менен биргеликте жардамдарды көрсөтүп туруу | Жыл ичинде | Социалдык педагог | Социалдык педагог |
| 7. | «Тобокел тобундагы» мектепке келбеген ЖЖБИдо учетто турган, мектеп ичинде каттоодо турган окуучулар жөнүндө билдирүү берүү. | Квартал сайын | Мектеп администрациясы, Соц педагог. | Балдардын тизмеси, квартал сайын отчёт.. |
| 8. | Сабакка катышпаган окуучуларды иликтөө жана аларды мектепке келүүсү боюнча иштерди жүргүзүү. | Жыл ичинде | Мектеп администрациясы, Соц.педагог. | Көзөмөл күндөлүгү, протоколдор. |
| 9. | «Балдардын укугунун конвенциясы» КР адамдардын укук кодекстери, Балдар | Жыл ичинде | Мектеп администрациясы | План, маалымат, фото отчет. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жөнүндө КРнын түшүндүрүү максатында ата-энелер жана балдар менен жолугушууларды, консультация, семинарларды өткөрүү. | | | |
| **10.** | Мамлекеттик программалардын балдарын укуктары КР 2008-2011-ж. «Жашы жете элек» өспүрүмдөрдүн эң жаман эмгек формаларын жокко чыгаруу боюнча укук органдарынын кызматкерлери менен аңгемелешүү, кеңешмелерди өткөрүү. | Жыл ичинде | Мектеп администрациясы, Кемин райондук билим берүү бөлүмү, РОВД, | Квартал сайын отчёт |
| **6** | Сабак учурунда жана түнкү убакта окуучуларды интернет, кафе, клубдарда тейлөөгө тыюу салуу үчүн, кылмыштардын өсүшүн азайтуу жана кароосуз балдарды иликтөө иштерин бекитилген график боюнча бирдиктүү рейд иш-чараларын уюштуруу. | Жыл ичинде | Мектеп администрациясы, Кемин райондук билим берүү бөлүмү, РОВД, | Квартал сайын отчёт |
| 7 | Тартиби оор, эркинен шарттуу ажыратылган өспүрүмдөр менен семинар, тренингдерди өткөрүү. | Жыл ичинде | Кемин райондук билим берүү бөлүмү, РОВД, мектеп администрациясы. | Квартал сайын отчёт. |
| **11.** | Жашы жете элек балдардын тамеки тартышын, наркомания, ичкилик боюнча күрөш жүргүзүү, укук бузуучулар менен профилактикалык иштерди жүргүзүү жана алып баруу. | Жыл ичинде | ИДН, соц.педагог, мектеп администрациясы. | Протокол, план, маалымат, фото отчет |
| **12.** | Тамеки тартуу, аракечтик жана бангиликтин жайылышына каршы профилактикалык рейддердин иш-чараларын өткөрүү. (киосктар ж.б | Жыл ичинде | Мектеп администрациясы. РЦГСЭН. | План, маалымат, фото отчет квартал сайын отчёт |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | соода түйүндөрү, үйлөрдүн короолорунда). | | | |
| **13.** | Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар жана карылар күнүнө «Боорукердик-алтын ачкыч» акциясын өткөрүү. | 1-октябрдан 3-декабрга чейин | Мектеп администрациясы. | План, маалымат, фото отчет. |
| **14.** | Мектеп окуучулар арасында зомбулук, мектеп рэкети, талап-тоноочулукту болтурбоо, коррупцияга каршы күрөшүү боюнча пландарды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу. «Биз коррупциясыз келечек үчүн» деген девиздин астында класстык сааттар, диспуттар, дилбаяндар, сүрөттөр сынактарын өткөрүү. | Жыл ичинде | Мектеп администрациясы. | План, маалымат, фото отчет квартал сайын отчёт |
| **15.** | Адамдарды сатууга каршы иш-чаралар планын жүзөгө ашыруу (диспуттар, тренингдер, окуучулар жана ата-энелер менен аңгемелешүүлөр, класстык сааттар). | Жыл ичинде | Мектеп администрациясы. | План, маалымат, фото отчет, квартал сайын отчёт |
| **16.** | Диний экстремизмдин жайылуусун<br>алдын-алуу максатында ОУ,ОМСУ,<br>укук коргоо органдары менен бирдикте иш-чаралардын тутумун уюштуруу.<br>«Дин жана укук» класстык саат.<br>«Өспүрүм жана ишеним»- диспуттар.<br>«Экстремизм деген эмне?»<br>«Мамлекет жана дин»- деген темаларда окуучулар жана ата-энелер менен аңгемелешүүлөр.<br>ОУ жетекчилери, дин өкүлдөрү, ГКНБ, МВДнын адистери менен бирдикте «Диний экстремизм», | Жыл ичинде | Кемин райондук билим берүү бөлүмү, мектеп администрациясы. | квартал сайын отчёт |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | «Ислам дини» темалары боюнча семинар өткөрүү. «Диндин тарыхы», «Толеранттуулук жана ишеним», «Укук жана дин» темалары оюнча окуучулар менен бирдикте тегерек стол. | | | |
| **17.** | КРнын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 22-ноябрындагы № 20 токтомунун негизинде жашы жете элек өспүрүмдөрдүн начар абалдагы балдардын эмгегин жокко чыгарууга семинарларды, тренингдерди, дискуссияларды өтүү жана автомойкаларга, бензокалонкаларга, дүкөндөргө, дыйканчылык талааларына рейд жүргүзүү. | Жыл ичинде | Мектеп администрациясы<br>Соц.педагог<br>ИДН | Квартал сайын маалымат. |
| **18.** | Эл аралык балдарды коргоо күнүнө карата бир айлык: «Жер планетасынын балдарына тынчтык». | Июнь | Мектеп администрациясы | План, маалымат, фото отчет. |

Социалдык педагог: Алыбек кызы Анара

# Өмурзак Коңурбаев атындагы Самансур орто мектебинин 2021-2022-окуу жылына карата аткарылган иштери боюнча отчету.

**Максаттар:**

Окуучулар менен жекече иштөө,сабак учурунда окуучунун деңгээли боюнча тапшырма берүү менен ар бир окуучунун предметтерге кызыктыруунун жолдорун таба билүү жана жыйынтыгын чыгаруу.Начар окуучулар менен иш алып баруу.

**Милдеттер:**1.Окуучуларга сапаттуу билим берүү.

2.Мугалимдер чыгармачылык менен сабак өтүү.

3.Окуучуларды патриоттуулукка,Ата-Мекенди сүйүүгө,коргоого тарбиялоо.

Мектептин билим берүү системасынын өнүгүшүнүн стратегиялык максаты.

-Окуучуларга ар тараптуу мамиле кылуу менен ар тараптан өнүккөн,чыгармачыл,изденген,элин жана жерин сүйгөн,аны коргой билген компотенттүү инсанды тарбиялоо.

**Мектептин окуучулары боюнча маалымат.**

2020-2021-окуу жылы (кыргыз тилинде окутуу)

Жыл башында – 148 окуучу.Кыз-84. Жыл аягында – 149 окуучу аяктады.Кыз-85

| № | Класс | Класс комплект | Окуучунун саны | Окуу кезмети. |
|---|---|---|---|---|
| | Башталгыч класс | 4 | 63 | 1смена |
| | 5-9-класс | 5 | 71 | |
| | 10-11 | 1 | 15 | |
| | Бардыгы | 10 | 149 | |




2021-2022-окуу жылы (кыргыз тилинде окутуу)

Жыл башында – 152 окуучу. Кыз-92. Жыл аягында – 151 окуучу аяктады.Кыз-88

| № | Класс | Класс комплект | Окуучунун саны | Окуу кезмети. |
|---|---|---|---|---|
| | Башталгыч класс | 4 | 63 | 1смена |
| | 5-9-класс | 5 | 70 | |
| | 10-11 | 2 | 18 | |
| | Бардыгы | 10 | 151 | |



Улуттук курамы:

Окуучулардын баары кыргыз улутундагы окуучулар.

Окуу процесси боюнча маалымат.

Окуу жылынын башында мектепте бардыгы 152 окуучу билим алып баштады. 11-класс комплект ачылды. 480 саат программа боюнча бир класс ачылып,анда 14 окуучу билим алышты.

Мектеп "Окуучуларга терең, сапаттуу жана натыйжалуу билим берүү" проблемасынын үстүндө иштеп келет.

**2020-2021 - окуу жылы**

| Баскч. | Окуучунун саны | Билим сапаты | Отличниктер | Ударниктер | "3"окуган окуучулардын саны | Жетишпеген окуучулардын саны. |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1-4 | 63 | 53 | 10 | 16 | 24 | - |
| 5-9 | 71 | 38 | 7 | 14 | 48 | - |
| 10-11 | 15 | 35 | - | 7 | 8 | - |
| **Бардыгы** | **149** | **42** | **17** | **39** | **75** | **-** |




**2021-2022 - окуу жылы**

| Баскч. | Окуучунун саны | Билим сапаты | Отличниктер | Ударниктер | "3"окуган окуучулардын саны | Жетишпеген окуучулардын саны. |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1-4 | 63 | 50 | 4 | 18 | 22 | - |
| 5-9 | 70 | 30 | 10 | 11 | 49 | - |
| 10-11 | 18 | 44 | 1 | 7 | 10 | - |
| **Бардыгы** | **151** | **38,63** | **15** | **36** | **81** | **-** |




**Райондук жана областык олимпиадалардын жыйынтыктары.**

**Жыл боюнча салыштырсак:**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2020-2021 | География<br>Орус тили | 11-класс<br>9-класс | Темирбекова Н.<br>Дуйшенкулова Ж | 3<br>3 |
| 2021-2022 | | 10-класс<br>8-класс<br>8-класс<br>10-класс<br>8-класс | Дуйшенкулова Ж.<br>Темирбекова Т.<br>Кубатбекова А.<br>Кубатова М.<br>Мустафаев А. | 1<br>1<br>2<br>3<br>3 |




Мектеп ичинде олимпиада жылына ноябрь айында өткөрүлөт. Олимпиаданын өткөрүлүшүн көзөмөлдөө үчүн атайын комиссия курамы түзүлгөн. Олимпиаданы өткөрүү боюнча сентябрь айында иш план иштелип чыгып, ошонун негизинде өткөрүлөт. Ноябрь айынын 15не чейин тапшырманын түрлөрү мугалим тарабынан такталып, конвертке салынып, окуу завучуна өткөрүлөт. Олимпиаданын тапшырмалары райондук деңгээлде даярдалат. Мектеп ичинде өткөрүлгөн олимпиаданын жыйынтыгынын негизинде райондук олимпиадага катыша турган окуучу тандалып алынат.

Быйылкы 2021-2022- окуу жылында беш предмет боюнча 8-10-11-класстын окуучулары олимпиадага катышып беш окуучу орун алды.

| | | | |
|---|---|---|---|
| Орус тили | 10-класс | Дуйшенкулова Ж. | 1 |
| Тарых | 8-класс | Темирбекова Т. | 1 |
| Англис тили | 8-класс | Кубатбекова А. | 2 |
| Математика | 10-класс | Кубатова М. | 3 |
| Кыргыз тил | 8-класс | Мустафаев А. | 3 |

**Жыйынтык:**

2020-2021-окуу жылында эки окуучу орунга ээ болду.
Быйылкы 2021-2022-окуу жылында беш окуучу орунга ээ болду.

**ОРТнын жыйынтыгын салыштырып келсек:**

**Жогорку баллдар**

| Жылы | Балл | Окуучунун аты-жөнү |
|---|---|---|
| 2020-2021 | - | - |
| 2021-2022 | 116 | Керимбекова Айгерим Жумабековна |

**Минималдуу баллдар**

| Жылы | Балл | Окуучунун аты-жөнү |
|---|---|---|
| 2020-2021 | - | - |
| 2021-2022 | 109 | Темирбеков Нуржигит |
| | 101 | Мирбек кызы Камилла |
| | 100 | Тюлебаев Адил |
| | 97 | Кадыркуова Сезим |
| | 72 | Кубатбеков Исламбек |
| | 71 | Алмаз кызы Айжамал |

2020-2021-окуу жылына карата ОРТ нын жыйынтыгы чыга элек.(жазылган жок)

2021-2022-окуу жылында 7(жети) окуучу ОРТ тапшырган сертификаттры алынды.

**Мамлекеттик сынактын жыйынтыгы жана талдоо.**

**2020-2021- окуу жылында 9-классты 16 окуучу аяктады. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясында торт сабактан сынак беришти.**

**1.Математика**
"5" – 2
"4" – 4 38%

“3” – 9
“2”-0
**2. Кыргыз тил**
“5” – 1/1
“4” – 6/7 44%
“3” – 6/6
“2”-0
**3. Орус тили**
“5” – 3
“4” – 4 44%
“3” – 5
“2”-0
**4. Тарых**
“5” –3
“4”- 4 44%
“3” – 9
“2”-0




**2020-2021 окуу жылында 11-классты 7 окуучу аяктады. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясында төрт сабактан сынак беришти.**

**1.Математика (компл.тест.тапшыр.)**
“5” – 1
“4” – 4 71%
“3” – 2
“2”-0
**2. Кыргыз тил (баяндама)**
“5” – 1/3
“4” – 4/3 71%
“3” – 2/1
“2”-0
**3. Орус тили (оозеки)**
“5” –2

“4” –4
“3” – 1 86%
“2”-0

**4. Тарых (оозеки)**

“5” –1
“4”- 3 40%
“3” – 6
“2”-0




05.07.2022–ж. Саат 09-00до 9-класстын толук эмес орто мектепти бүтүрүү күбөлүгү берилет. 11- класстын аттестаты 07.07.2022 саат 9.00 до берилет.

Мугалимдер эмгек отпускаларынын графиги менен таанышып,өргүүгө чыгышты. Окуу китеби 9-11- класстардыкы китепканага өткөрүлүп берилди. Ал эми калган класстардыкы толук өткөрүлүп бүттү.

**2021-2022- окуу жылында 9-классты 10 окуучу аяктады. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясында беш сабактан сынак беришти.**

**1.Математика (комплек. тест тапшыр)**

“5” – 1
“4” – 2 30%
“3” – 7
“2”-0

**2. Кыргыз тил (баяндама)**

“5” – 1/1
“4” – 5/4 60%
“3” – 4/5
“2”-0

**3. Орус тили (текст. тест тапшыр)**

“5” – 1
“4” – 7 80%
“3” – 2
“2”-0

**4. Тарых (оозэки)**

“5” – 1

"4"-  5                                  60%
"3" – 4
"2"-0
Улуттук тест жургузуу борбору тарабынан өткөрүлгөн сынактын жыйынтык баасы "5" болгондуктан н Жумакадырова Элина ата-энесинин  арызынын негизинде экзаменден бошотулду.

**5. География(оозэки)**
"5"- 2
"4"- 4                    60%
"3"- 4
"2"-0
Улуттук тест жургузуу борбору тарабынан өткөрүлгөн сынактын жыйынтык баасы "5" болгондуктан н Жумакадырова Элина ата-энесинин  арызынын негизинде экзаменден бошотулду.




**2021-2022 окуу жылында  11-классты 8 окуучу аяктады. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясында төрт сабактан сынак беришти.**

**1.Математика (комплек. тест тапшыр.)**
"5" –
"4" – 4                                  50%
"3" – 4
"2"-  0
**2. Кыргыз тил (эссе)**
"5" – 1/1
"4" - 3/5                                50%/75%
"3" –4/5
"2"- 0
**3. Орус тили (текст.тест.тапшыр.)**
"5" –
"4" –6
"3" –2                            75%
"2"- 0

**4. Тарых (оозеки)**

“5” –1

“4”- 3 50%

“3” - 4

“2” -0

Улуттук тест жургузуу борбору тарабынан өткөрүлгөн сынактын жыйынтыгы менен ата-энелеринин арызынын негизинде Казакбаева А.,Керимбекова А., Кубатбеков И., Мирбек кызы Камилла, Темирбеков Н., Тюлебаев А., экзаменден бошотулуп, алган баасы менен макул болушту.

**5. География(оозэки)**

“5”- 0

“4”- 6 75%

“3”- 2

“2”- 0

Улуттук тест жүргүзүү борбору тарабынан өткөрүлгөн сынактын жыйынтыгы менен ата-энелеринин арызынын негизинде Керимбекова А, Кубатбеков Исламбек, Мирбек кызы Камилла экзаменден бошотулуп, алган баасы менен макул болушту.




**5. География(оозэки)**

“5”- 0

“4”- 6 75%

“3”- 2

“2”- 0

Улуттук тест жүргүзүү борбору тарабынан өткөрүлгөн сынактын жыйынтыгы менен ата-энелеринин арызынын негизинде Керимбекова А, Кубатбеков Исламбек, Мирбек кызы Камилла экзаменден бошотулуп, алган баасы менен макул болушту.

## Зээндүү жана сабактан жетишпеген окуучулар менен иштөө.

Зээндүү жана сабактан жетишпеген окуучулар менен иштөө.

Төмөндөгүдөй максаттардын негизинде алынып барылды.
1. Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу.
2. Билим денгээлин көтөрүү менен жакшы натыйжаларды алуу үчүн жеткиликтүү шарт түзүү.
3. Инновациялык, интерактивдүү методдорду жана интернет менен байланыштырып жүргүзүү ыкмаларын колдонуу.

**Усулдук кеңештин 2021-2022-окуу жылына карата иштелген иштерге карата жүргүзгөн талдоо анализи.**

Усулдук кенеш алдыга койгон максат менен иш алып барат.
1) Окуучулардын билим деңгээлин жогорулатуу
2) Иш дептерлеринин уюштурулушуна жана окуучулардын коллеграфиясына көзөмөл кылуу.

2021-2022 –окуу жылына карата август айында план иштелип чыгып усулдук иштер боюнча жетекчилер дайындалды.

1. Усулдук кенештин жетекчиси окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары: Туйгунова М.Н.

2.Так илимдер усулдук бирикмесинин жетекчиси-Алыбек к.А

1. Гуманитардык усулдук бирикмесинин жетекчиси-Акбар кызы М.
2. Башталгыч класстын усулдук бирикмесинин жетекчиси-Арымбаева Р.
3. Этика,эстетика усулдук бирикмесинин жетекчиси-Кулманбетова Н.К.
4. Класс жетекчилер усулдук бирикмесинин жетекчиси- Өмүрбек кызы А.

3. Китепканачы Керим кызы Айжан биргеликте иш алып барышты.

Жыл бою усулдук кеңеш эки отуруму болуп өттү.
Иш чаралардын бардыгы мугалимдердин тажрыйба алмашуусуна жардам болду.

Март айында “Жыл мугалими”сынагына орус тили мугалими Акбар кызы Мээрим аймактык сынакта биринчи орунду алып, райондук сынактан үчүнчү орунга ээ болду.

2021-2022-окуу жылында төрт усулдук бирикме жана класс жетекчилер усулдук бирикмеси иш алып барды.

Усулдук бирикме жетекчилери иш план түзүп бекитилген жана ошол план менен иш алынып барылды.

Быйылкы жылы да жылда каралуучу журнал толтурууда кетирилген катачылыктар үстүндө иштөөгө көп көңүл бурулду. Кээ бир мугалимдер өз ишине жоопкерчиликсиз мамиле кылууда

Мисалы: башталгыч класстын мугалими-Кулманбетова Н.
Башталгыч класстын мугалими- Омурбек кызы А.
Орус тили мугалими-Акбар кызы М.
Дене тарбия мугалими- Садыков Кубанычбек

Мектептин эң орчундуу маселеси олимпиадага чыгарып жетишкендиктерге ээ болуу, жыл сайын оз билимин өркүндөтүү боюнча тажрыйба жайылтуу,педагогикалык окууларды өткөрүүгө көңүл бурулду. Жаш мугалимдердин келиши менен методикалык жактан алсыз,иш кагаздарын толтурууда кыйынчылыктарды туудурууда. Бул боюнча насаатчылар иштеп жатышты.

Жыл башында башталгыч класстын окуу техникасы текшерилген
4-класс – 14 окуучу
Нормадан ашат-3
Нормага жетет-7
окуй албайт-0
Нормага жетпейт-1
Билим сапаты- 71%

3-класс-15 окуучу
Нормадан ашат-4
Нормага жетет-4
нормага жетпейт-3
окуй албайт-0
Билим спаты-53%

2-класс-15 окуучу
Нормадан ашат-3
Нормага жетет -7
Нормага жетпейт-3
Окуй албайт-1
Билим сапаты-66%

Календарлык пландар,программанын аткарылышы тууралуу жылдык отчет боюнча бардык предметтерден программанын аткарылышы толук эле болду. Предметтерден окуу жылынын жылдырылып башталышы,майрам күндөрүнүн коюлушуна байланыштуу 5-6 сааттан жетпей калды. Бирок, кошумча сабак жүгүртмөсү коюлуп, программаны аткарышты. Предметтик жумалыктар, окуу китептери ,окуу программалары тууралуу талдоолор болуп турду. Өткөрүлгөн жумалыктардан кыргыз тили, англис тили жумалыктары "жакшы"деп бааланды. Педагогикалык окуулар өтүлүп,талкууланды.Ар бир УБда" Сабакта колдонулуучу интерактивдүү ыкмалар","Интерактивдүүү сабак жана анын өзгөчөлүктөрү", " Мугалимдердин кесип чеберчиликтери","Жаны стандарттын максаты- компитенттүүлүк","Инновациялык багытта окутуу"аттуу докладдар угулду.
Жыйынтыгында Усулдук кеңештин иши "Канааттандыраарлык" деп бааланды .

**Балдарды окууга тартуу боюнча иштелген иштердин отчету.**

2021-2022 - окуу жылына карата окуу жылынын башында иш план түзүлгөн. Ошол иш план менен иш алынып барылды.
Территориядан башка мектепке барып окуган окуучулар жок.
Башка мектептен келип окуган 1 окуучу бар.
Молдошев Амир 6-класс, Томолой жетимдер – 0,
Инвалиддер – 1
Ишенбекова А.
Китепканачы окуучуларды китеп менен камсыз кылды. Дайыма эле мектептин администрациясы тарабынан окуучулардын сабакка келүүсүн көзөмөлдөп турдук.

Сабакка көп келбеген,себепсиз калтырган балдарды класс жетекчилер кыдырып,себебин билип турушту. Мектептин администрациясы окуучулардын билим денгээлин,жетишүүсүн,катышуусун чейрек сайын көзөмөлдөп, мониторинг түзүлүп турат.

Зээндүүү, начар окуучулар менен иш алып барылып турду. Даярдоо курсуна 480 саатка келе турган окуучулардын тизмеси такталып, башталгыч класстын мугалими Арымбаева Рахима Кадыркуловна окутту.
Мектепке тартылбаган, сабакка келбеген территорияда окуучу жок.

**Жаш мугалимдер менен иштөө**

2021-2022-окуу жылында эки жаш мугалим бар: Кулманбетова Наргиза Качкыновна технология ИЗО мугалими жана Садыков Кубанычбек Эсенгулович дене тарбия мугалими. Бул жаш мугалимдерге насаатчылар бекитилип берилди.

1. Кулманбетова Н.К.– баш.класстын мугалими Арымбаева Р.К.
2. Садыков Кубанычбек- кыргыз тил мугалими Райымкулова А.О. Жаш,жаны келген мугалим менен иштөөдө атайын план иштелип чыгып, иш алынып барылды. Жаш мугалимдерге усулдук жактан жардам көрсөтүү, колдоо усулдук бирикмелердин жана мектептин администрациясынын милдеттери болду. Атайын семинарлар,педагогикалык окуулар,тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышуу жаш мугалимдин жөндөмдүүлүгүнүн ачылышына,өнүгүшүнө жардам берди. Төмөндөгү темаларда семинар сабактар өткөрүлүп турду.

1.Мугалимдин жүрүм-туруму.
2.Класстык журналды толтуруу тартиби.
3.Сабактарга катышуу жана аларды талдоо.
4.Баалоонун түрлөрү.
5.Окутуунун заманбап усулдарын пайдалануу.
6.Окутууну уюштуруунун формалары.
7.Интернет байланыштары менен иштөөнүн жолдору.

Январь,февраль айларында жаш мугалимдер алган тажрыйбаларын көрсөтүү максатында ачык сабак өтүштү.

Райондук билим берүү бөлүмү тарабынан уюштурулган тажрыйба топтоо максатында райондун тажрыйбалуу мугалимдеринин сабагына катышып турушту.

Жаш мугалимдерге ар тараптан жардам керек экендиги ар бирибизге маалым. Себеби, азыркы даярдалган кадрлар сабактын структурасын , сабактын максаттарын, сабактын планын , класстык журналдарды толтурганды билишпейт. Бул иштер жаш мугалимдер менен иштөө планына кенен киргизилип, иш алынып берилип турду.

**Кадырлар менен иштөө**

Өмүрзак Коңурбаев атындагы Самансур орто мектебинде жыл бою 15 мугалим эмгектенди. Анын бирөө: Алымбаева Н.С., Солтонбекова М., Ниязалиева Г. (айкалыш.иштөөчү) башка мектептерден келип иштейт. Ар бир мугалим өздөрүнүн

дипломy боюнча алган адистиги боюнча сабак беришет. Бул мугалимдердин 14 жогорку билимдүү, 1 мугалим бүтпөгөн жогорку билимдүү.

Мектепте кадр маселеси тууралуу көйгөйлөрүбүз да бар. Мисалы: химия,биология,география, сурот,музыка,эмгек сабактары боюнча атайын адис жок. Пенсия жашындагы мугалимдердин сааттары вакантка коюлду. Ал мугалимдер берген предметтер дагы жетишсиз болуп калат. Эгерде жаш мугалимдер келбесе кайрадан эле пенсионерлер өз сааттарына ээ болушат.

Быйылкы окуу жылында берилбей калган, өтүлбөй калган сабактар болгон жок.
Жаш мугалимдердин саны – 2
Алар:

1. Кулманбетова Наргиза Качкыновна
2. Садыков Кубанычбек Эсенгулович.

Мектепте билим берүүнүн отличниги –2
Облустук ББ граммотасы - 1
Кемин райондук билим берүү бөлүмүнүн грамотасы – 9
Чым-Коргон айыл өкмөтүнүн граммотасы - 10
Мектепте биология,химия,география,табият,музыка, сурот,эмгек сабактары вакантка коюлган. Мугалимдердин көбү жаш мугалимдер.

Мектепте август айында окуу-тарбия иштери боюнча иш план иштелип чыккан. Ошол иш план боюнча иштер толугу менен иштелди,аткарылды.

объективдуу,акылдашуу менен бөлүштүрүлгөн. Мектепте башталгыч класстан 4 класс кабинет,химия,математика,орус тил,кыргыз тил,биология,англис тил,тарых кабинеттери жабдылган

Квалификациясын жогорулатууга 2021-2022-окуу жылы эки мугалим катышты жана сертификаттарга ээ болду

1. Кулманбетова Н.К. - башталгыч класс
2. Акматылдаева Ж.Ж. - информатика предмети боюнча мугалимдер билимин жогорулатуу курсун окуп сертификат алышты.

## Ички көзөмөл боюнча аткарылган иштер.

2021-2022-окуу жылы

**Ички көзөмөлдүн өтүлүшүнүн максаты жана милдеттери**:

- Мамлекеттик программалардын аткарылышы.
- Сабактардын өтүлүү сапатын, мугалим тарабынан окуу-тарбия иштеринин уюуштурулушунун мазмунуна, формасына жана усулдар боюнча илимий талаптардын аткарылышын текшерип туруу.
- Окуучулардын өздөштүрүүсү, өнүгүү деңгээлин көзөмөлдөө.
- Мектеп жетекчилеринин кабыл алган чечимдеринин жанан иш пландарынын аткарылышын дайыма көзөмөлдөп туруу.

Жалпы окуу-тарбиялык процесске жана мугалимдин ишине талдоо жүргүзүлдү. Мектептин ички көзөмөлүнүн пландаштырган иштери толугу менен аткарылды.

**Август айы.**

Мектептин жаны окуу жылына карата материалдык техникалык - базасы, кадрлар менен толук камсыз болушу, классты топтоштуруу, мектептин иш кагаздарынын , окуу кабинеттеринин, спорт залдын абалын билүү иши жүргүзүлдү.

**Сентябрь айы.**

Окуучулардын китеп менен камсыз болуусу жана жетишпеген китептер тууралуу тактоо иши жүргүзүлдү.

1-класста ата-энелер тарабынан алып берилип толукталды. Башка класстарда дээрлик китептер толукталып калды. Ата-энелер тарабынан дагы жардам катары Мустафаевдердин үй-бүлөсү 9-11-класстын китептеринен 5 даанадан 25 даана китеп жардам көрсөттү. Китеп менен камсыз болуусу – 87% ти түздү.

Класстык журналдарды жана ийримдердин журналдарын текшерүүдө жаш мугалимдер өтө көп ката кетиришти. Акбар кызы Мээрим,Өмүрбек кызы Астрахан, Садыков Кубанычбек Кулманбетова Наргиза класстык журналдарды иретсиз колдонуп, одоно каталарды кетиришкен . Бул тууралуу атайын семинар өтүлүп, көрсөтмө иштелип чыкты.

Календарлык пландар окуу программаларынын негизинде текшерилди. 2020 жылы басмаканадан чыккан программалардын негизинде түзүлүү керек экендиги эскертилди.

**Окуучулардын өздүк делолорунун абалы** текшерилип, кээ бир окуучулардын жашаган жери тууралуу справка, ИНН документтери жок экендиги көрүндү. Сентябрь айы аяктаганча иреттөө сунушталды. Бул иш усулдук бирикмелердин жетекчилерине жүктөлдү.

**Алфавиттик китепченин абалын**,өздүк делодогу окуучулардын тизмесинин дал келишин,окуучулардын катар номерлеринин ирээттүүлүгүн көзөмөлдөө жүргүзүлдү.Алфавиттик китепчени текшере келгенде бардык окуучулардын аты-жөнү толук жазылгандыгы аныкталды.1-класстын окуучуларынын тизмеси толук түшүрүлгөн. Келген-кеткен окуучулардын аты –жөнү катталып жана китепчеден чыгарылган.11-класстын окуучусу Чокомбаев Адил Аскарбекович Тюлебаев Адил Аскарбековичке которулду. 9.2020-2021-окуу жылына карата окуучулардын саны 152 деп аныкталды жана китепчеде да 152 деп табылды.Алфавиттик китепченин абалы жакшы, окуучулардын тизмеси толук катталган жана өздүк дело менен да дал келет.

**Кыргыз тили жумалыгын өткөрүү.**

Кыргыз тил мугалимдер: Туйгунова Майрамкан жана Райымкулова Айзада кыргыз тили жумалыгын өткөрүү боюнча иш план түздү.Иш планда коюлган тапшырмалар аткарылды.Жумалыкта кыргыз тили жана кыргыз адабияты боюнча ар кандай көрсөтмө куралдар,кызыктуу маалыматтар, кыргыз тил боюнча конкурстар менен видео ролик жазап окуучуларга өтүштү.

**Октябрь айы.**

**Старттык контролдук иштерди** алуунун негизги обьекттиси:Старттык конторлдук иштерди алуунун негизги обьекттиси:
1)Жазуу иштеринин көлөмү.

2)Жазуу иштериндеги кетирген каталар

3)Жазуу иштеринин сапаттуулугунун пайызы

**Жаш,жаңы келген мугалим менен иштөө**дө атайын план иштелип чыгып,иш алынып барылды. Жаш мугалимдерге усулдук жактан жардам көрсөтүү,колдоо усулдук бирикмелердин жана мектептин администрасия- сынын милдеттери болду.Атайын семинарлар,педагогикалык окуулар,тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышуу жаш мугалимдин жондомдуулугунун ачылышына,өнүгүшүнө жардам берди.Төмөндөгү темаларда семинар сабактар өткөрүлүп турду.

1.Мугалимдин жүрүм-туруму.
2.Класстык журналды толтуруу тартиби.
3.Сабактарга катышуу жана аларды талдоо.
4.Баалоонун түрлөрү.
5.Окутуунун заманбап усулдарын пайдалануу.
6.Окутууну уюштуруунун формалары.
7.Компьютердик маалыматтар.

Жаш мугалимдердин мектептин шартына көнүгүүсүн,насаатчылардын жаш мугалимдер менен иштөөсүнө көзөмөл кылынды.

1) Мектепте 2 жаш мугалим катталган.

1.Садыков К.Э- Ишенаалы Арабаев атындагы университеттин сырттан окуу бөлүмүнүн 4-курсунда окуйт.

2. Кулманбетова Н.Э. КМУ кыргыз тили жана адабияты предмети

2) Жаш мугалимдерге насаатчылар бекитилген.

1. Садыков К.Э- Райымкулова А.О.
2 Кулманбетова Н.К.- . Арымбаева Р.К

Жаш мугалимдер мектептин тартиби тууралуу маалымат алышкан. Календарлык тематикалык пландарды даярдоо боюнча түшүндүрмө берип, алардын программа менен дал келтирүү тууралуу да кенеш берилди. Класстык журналдарды толтуруу жана ага коюлган талаптар тууралуу окуу завучу инструктаж өтүп түшүндүрүү иштерин жүргүздү.

**1-11-класстын окуучуларыны ден соолугунун абалы** тууралуу соц.педагог билдирди. Окуучулардын ден соолугу тууралуу маалымдаматга таянсак, окуучулардын ден соолугу таза, угуу көрүү сезимдери туура өрчүгөн.

**Класстык журналдарды текшерүү**. Жаш мугалимдер журналды толтурууда дагы эле катачылыктарды кетирүүдө, бааларды көп оңдошот. Бул мугалимдерге инструктаж берилсе да ушундай каталарды кетиришүүдө. Иш кагаздарды, документтерди туура

эмес толтурган мугалимдерге үч жолу оозеки , андан кийин жазуу түрүндө эскертүү берүү сунушталды. Кундөлүктөрдүн абалы канааттандырарлык.

**Тарых жумалыгы.** Планга коюлган иш чаралар жумалыктын иши канааттандыраарлык деп табылыды.

**Мугалимдердин окутуу ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө.**

Жалпы сабактар 08:00дө башталып саат 14: 00 дө бутуп жатты.Ар бир мугалим өз убагында кененирээк сабактарга түшүндүрмө беришип,видео сабак жаасап, колго таблица түрүндө, айрым эрежелерди түшүндүрүү көрсөтмөлөр менен өтүп жатышты. Быйылкы окуу жылында окуучулар менен предметтерди өтүү бир топ кыйынчылыктарга алып келди десем жаңылышпайм. Себеби, былтыркы окуу жылы көпчүлүк бөлүгүндө онлайн менен окугандыктан окуучулар менен мугалимдердин ортосунда бир топ сабактарды түшүнүп кабыл алуулар убакытты талап кылды. Негизинен онлайн окуу менен салтуу окуунун бир топ айырмачылыктары бар экендигин билдик.

**5-класстын жаңы шартка көнүгүүсү.**

Жыл башында 17 окуучу . Ал эми 2-чейректе бир окуучу кетти.16 окуучу окуп бүттү. Жаңы окуу жылынан баштап окуучулар предметтер боюнча өткөн ар бир мугалим менен таанышып чыгышты. Мугалимдер сабак берүүдө окуучулардын билим сапаты орто экендигин байкашты. Бирок окуучулардын көпчүлүгүнүн кабыл алуусу жакшы экендиги аныкталды. Окуучулар өзгөчө математика, орус тил сабагынан кыйналышты. Кол жазмалары начар. Бул боюнча жазуу иштеринин методдору менен көбүрөөк иштөөгө туура келди. 16 окуучудан төрт окуучу окуу техникасынын нормасына жетпейт жана туура жаза алышпайт. Өздөштүрүүсү начар окуучулар менен кошумча сабактар жүргүзүлүп, иш алып барылды.Шар окуусу – 53% ти түздү. Окуучулардан анкета алынып, предметтердин түшүнүктүү же түшүнүксүз болуп жаткандыгын, мугалимдердин сабак өтүү методдорун өзөштүрүүсү текшерилип турду.Класс жетекчиси тарабынан ар бир чейректин баалары көрсөтүлгөн баракча толтурулуп, ата-энелерге тааныштырылды. Алардын ой-пикирлери да көрсөтүлүп,жазылып алынды.

**1-класстын шартка көнүгүүсү** да кыйла кыйыныраак болду. Себеби даярдоо классында да бул окуучулар жылдын аягын аралыктан окуп бүтүштү. Класс жетекчиге да окуучулар менен баштапкы биринчи классты формиралоо кыйынчылык туудурду. 1-классты окуутуда ата-энелер менен тыгыз байланышта болуп шартка көнүгүүсүн жөнгө салуу иштери жүргүзүлдү.

**Ноябрь айы.**

**Зээндүү окуучулар менен иш алып барууну көзөмөлдөө**

Ар бир предметтик мугалим коюлган жүгүртмө боюнча кошумча сабактарды өтүштү. Ошондой болгон күндө дагы окуучулар менен кошумча сабак чыгармачылык изденүүлөр талап кыла турганы ачык эле байкалып жатты.

**9- класска көзөмөл**

1. 9-класста бардыгы 10 окуучу аяктады. Жума бою катышуусу 80%. Класс жетекчиси Акматылдаева Ж.Ж.
2. Предметтердин берилиши боюнча: жума ичинде 4 предметке катышуу жүргүзүлдү.15.11-19.11.22. география,физика,химия жана орус тили сабактарына көзөмөл жүргүзүлдү.
   Физика мугалими:Алымбаева Н.С.
   Физика сабагынын структуралы өтүлүп жатканы айкын ачык билинип турду,себеби балдар баардык мурда өтүлгөн материалдарды да адашпай айтып,формулаларды да так жазып иштеп жатышты. Мугалим сабакта бир нече элементтерди колдонуп жетишти.Сабак өз максатына жетип жакшы жыйынтыкталды.Физика сабагынан текшерүү иши алынды. Мугалим окутууда ар бир сабагына көрсөтмө куралдарды колго жасап балдарга берип турду.
   Билим сапаты:42%
   Жетишуусу:100%

18.11.22 химиясабагынан катышуу жүргүзүлдү.Сабактын структурасы туура өтүлдү. Кожокеева Сагынбүбү көп жылдык тажрыйбалуу мугалим болгондуктан убакытты туура пайдаланды жана бир нече методдорду колдонуп жетишти. Окуучулар активдуу катышышты арасында айрым окуучулар орто жооп беришти. Мугалим химия элементтеринин формуласын иштетүүгө көңүл бурду, себеби лабораториялык иш жүргүзүүгө куралдары жок болгондуктан формулаларга таянды.

Жетишүүсү: 74,9%
Билим сапаты: 40.4%
15.11.19 География сабагына катышуу жүргүзүлдү.

Мугалим Абдыгулова А.К. Мугалим сабак өтүү ыкмасында интерактивдүү метод колдонду. Көрсөтмө куралдар геолграфиялык карта, жана тест түрлөрү болду.

Билим сапаты: 33%
Жетишуусу: 100%
Мындан тышкары дептерлерди текшеруу иштери жүргүзүлдү.

1.Математика дептерлеринин сырткы абалы орто.Окуучулар атайын предметтик дептер менен иштешет.Системалуу текшерилбейт.Бардык материалдар окуучулардын дептеринде бирдей эмес.

2. Орус тили дептерлеринин сырткы абалы канааттандырарлык.Дептер дайыма эле текшериле бербейт .Кол жазмалар оңдоо жана эскертүүлор сейрек жазылган.

3.Кыргыз тили дептерлеринин абалы орто. Системалуу текшериле бербейт. Орфография менен иштөө иштери көп жүргүзүлбөйт.

4.Химия,физика сабактарынын лабораториялык дептерлери уюштурулган жана убагында текшерилип турат.

Бул текшерүүдөн тышкары 9-класстын окуучуларынан анкета алынган. Окуучуларга канткенде билим сапатын көтөрө алабыз,сабакка кызыгуу учун мугалимдердин кандай иш аракетин көргүңөр келет,максат коюп келечек жөнүндө ойлонушабы ж.б.ушул сыяктуу суроолор берилген. Окуучулардын ой жүгүртүлөрү жакшы бирок,өз ойлорун айтуудан тартынышат.

**Физика жумалыгы.** Планга коюлган иш чаралар толугу менен аткарылды. Физика мугалими Алымбаева Н.С. ишине так мугалим. Ачык сабактарды , конкурстарды кызыктуу кылып, көрсөтмөлүү алып барды. Окуучулар сабак учурунда тажрыйба жүргүзүп, сабакка кызыгаары көрүндү. Мугалимдин өзгөчөлүгү колдонулган куралдары эски болгондугуна карабастан колдонуп, сактап келгендигинде жана окуучуларга жүргүзүү иштерин жакшы жеткизгендигинде болуп саналат.

**Практикалык,лабораториялык жазуу иштерине көзөмөл жүргүзүү.**

Текшерүүдө дептерлердин жалпы абалы орто.Талапка ылайык №1.№2 дептерлер уюштурулган.

Математика сабагынын дептерлеринин абалы орто. Мугалимдер үзгүлтүксүз текшерүү жүргүзүп жатат. Баалоо дептерлерде, сейрек кездешет. Сырткы абалы да орто. Үй тапшырмалар убагында аткарылат, бирок мугалим тарабынан баа кээ бир учурларда коюлбай калат.

Текшерүүдө практикалык дептерлердин абалы физика сабагыныкы талапка жооп берет, убагында текшерилип, бааланып турат.Программада болгон баардык материалдар дептерлерде мөөнөтү менен дал келет жана сырткы абалы да жакшы сакталган. Мугалим окуучулар менен тыгыз байланышта практикалык иш жүргүзүп жатканы көрүнүп турат.

**Класс журналдарды текшерүү.** Быйыл мугалимдер кагаз түрүндөгү журнал менен иштеп чыгышты. Журналдын толтурулушу, баалардын, пландардын жазылышы,темалардын дал келишин текшерилип эскертүүлөр өз убагында жазылып турду. Айрыкча эскертүү алган мугалимдер Акбар кызы Мээрим, , Алымбаева Назгүл, Кулманбетова Наргиза, Садыков Кубаныч, Өмүрбек кызы Астра, Ниязалиева Гүлай болду.

**Мектеп ичинде олимпиада өткөрүү:**

Олимпиада жобонун негизинде даярдалып өтүлдү. Жободо бардык предметтер эки тур менен тапшырмалар даярдалып өтүлүшү көргозүлгон.Ошого ылайык 1-турда 30 суроодон түзүлгөн тексттик иштер дардалып андан ийгиликтүү өткөн окуучулар 2-турга сүйлөмдөрдү талдоо,көркөм айтуу,лабораториялык жана практикалык иштер,карталар менен иштөө,эссе жазуу иштери өткөрүлүп, ар бир предмет даярдаган тапшырмаларды аткаруу менен жыйынтык чыгырылып токтомдор жазылып сунуштар берилди. Олимпиадага активдүү катышкан окуучулар сыйлыктарга ээ болуп грамоталар тапшырылды:

**Декабрь айы.**

**Башталгыч класстын жумалыгы**

Жумалык планга коюлган тапшырмалар боюнча өтүлдү. Башталгыч класстын ар бир мугалими ачык сабак жана класстан тышкаркы сабактарды өтүштү. Бирок мугалимдер тарабынан предметтер боюнча кызыктуу иш жүргөн жок. Окуучулар активдүү катышышты. Жумалык канааттандыраалык деп табылды.
**География жумалыгы.** География сабагынан мугалим Абдыгулова А.К. сабак өттү.

Жумалыкта география сабагынын өзгөчөлүктөрүн окуучуларга так ачып бере алган жок. Сабагына катышып эскертүүлөр берилди.

**Текшерүү иш дептерлерди көзөмөлдөө.** Текшерүү иш,жат жазуу,лабораториялык, практикалык дептерлер убагында текшерилип турат.

**Башталгыч класс окуу техникасын текшерүү.**

2-класстын деңгээли боюнча 1-жарым жылдыктын аягында окуучулардын шар окуу көндүмүн баалоодо 26-30 сөз окуу керек. Жүргүзүлгөн текшерүүдө тогуз окуучу нормага жетет, 26 создон 50 сөзгө чейин окушту. Ал эми Автандилова Н.5 сөз, Исабеков И.20 сөз жана Жумабеков А.23., Шамшыбеков И. 9 сөз окушту. Ушул төрт окуучу менен кошумча шар окуу боюнча иш алып баруусу көзөмөлгө алынды.

Билим спаты: 75%

3-класста 15 окуучу,класс жетекчиси Арымбаева Рахима Кадыркуловна 3-класстын деңгээли боюнча 1-жарым жылдыктын аягында окуучулардын шар окуу көндүмүн баалоодо 46-50 сөз окуу керек.Жүргүзүлгөн текшерүүдө эки окуучу сабакка келген эмес ,сегиз окуучу нормага жетет, 46 сөздөн эң жогорку көрсөткүчтө окуган окуучу Нарынбекова Н., Асанбекова А., 80 сөзгө чейин окуду. Ал эми төмөнкү көрсөткүчтө 14 сөздөн окууган окуучулар:Арипова Х., Нуржигитова С.,Кубатбекова Э.,Темирбекова А., Кенжебеков Р. болду.

Билим спаты:40%

4-класста 14 окуучу,класс жетекчиси Молдокулова А.К. 4-класстын деңгээли боюнча 1-жарым жылдыктын аягында окуучулардын шар окуу көндүмүн баалоодо 65-70 сөз окуу керек. Жүргүзүлгөн текшерүүдө алты окуучу нормага жетет, 65 сөздөн эң жогорку көрсөткүчтө окууган окуучу Ишенбекова А. 101сөзгө чейин окуду.Ал эми төмөнкү көрсөткүчтө 36 сөз окуган:Кадыркулов Р.,Мукаев Б.,42 сөз Кыдыргычев М 30сөз, Шамшыбеков М.35сөз жана эң төмөнкү көрсөткүч менен Токтогулов М. 15 сөз окуду.

Билим спаты:40%

**Математика сабагына көзөмөл.** Математика сабагынан бир эле мугалим берет Алыбек кызы Анаркуль. Көзөмөл жүргүзүдө 5-класска сабагына кирип анализ берилди ал эми 9-класска тест алып жыйынтыгы 13% берди. Мугалим өз календарный планынын түзүлүшүн жакшы өздөштүрүүгө аракеттенген,текшерүү иштерди журналга убагында койгон .Көзөмөлдүн жүрүшү менен эскертүүлөр берилди. Окуучулардын билимдери эмнегедир жогору эмес.

**Жат жазуу жана текшерүү иштеринин дептерлерин текшерүү**

1.Кыргыз тилинен 65%

2.Орус тилинен 38%

3.Математикадан 60%

Окуучулардын жумушчу дептерлерин текшерүүдө кыргыз тилинен дептерлердин абалы жакшы,жазуу иштеринин нормасы аткарылат, үй тапшырмалар дайыма берилет жана дептер убагы менен текшерилет..Башка предметтик дептерлердин абалы жакшы. Жат жазуу дептерлери бардык предметтерде уюштурулган.

**Окуучулардын билим денгээлин текшерүү (административдик текшерүү)**

Ар бир предметтик мугалим чейрек аяктагандан кийин программанын аткарылышы боюнча отчет беришти. Программанын аткарылышынын жыйынтыгы боюнча кээ бир предметтер календарь боюнча 1-2 саатка кем өтүлдү.1- чейрек жүгүртмөгө байланыштуу 1-2 саат айрым эле сабактардан жетпей калды. Окуу жылы 15 сентябрдан башталгандыктан календарлык өзгөрүүлөр болду. Ал эми 3-чейрек толук бардык мугалимдердин сааты чыкты. Бирок себепсиз өтүлбөй калган сабактар болгон жок .Билим сапатынын мониторинги боюнча 1-чейректе 31% ошондой эле 2-чейректе деле 34% көрсөттү.

**Класс журналдарды текшерүү.** Журналдын толтурулушу баалардын пландардын жазылышы,темалардын дал келиши текшерилди. Туура эмес колдонулган журналдарга эскертүүлөр берилди.

**Усулдук бирикмелердин ишин көзөмөлдөө.**

Так илимдер усулдук бирикменин иши, мисалы математика жумалыгы убагында аткарыл жок. Иш планында коюлган сабактар,семинар сабактар жана көзөмөлгө алынган текшерүүлөр убагында аткарылган.Бир гана ачык сабакка жазыла турган анализдер кеч жазып тапшырган. Башталгыч класстар усулдук бирикмесинин иштери убагында алып барылган жок. Жумалык өткөрүлүп ошондой эле олимпиада өткөрүлүп анализдер,токтомдор өз убагында жазылган.

Гуманитардык илимдер бирикмесинин иш чаралары өз убагында усулдук бирикменин жетекчиси тарабынан көзөмөлдөнүп турат. Жумалыктар жана ачык сабактар,семинар сабактарга анализдер жазылып токтомдор өз иретинде аткарылган.

Эстетика илимдеринин бирикмесинин иш чаралары кыйла артта калуу менен өтүп жатты. Себеби бирикмедеги мугалимдер жаш кадрлар болгондуктан түшүндүрүү иштерин жай кабыл алышты. Жылдык планга коюлган иш чаралардын иштелмелери,анализдери жана токтомдору жазылган.Бир гана эмгек сабагынан планга коюлган доклад сабагы убагында аткарылбай калгандыктан кайра кийинки усулдук кенешмеге жылдырылып мугалимге өтүп берүүсү сунушталды. Бардык усулдук бирикмелердин иши убагында аткарылбаса эскертүүлөр берилди.. Жетекчилер ар бир предметтик мугалимдер менен тыгыз байланышта иш алып барышат жана токтомдор өз убагында өткөрүлүп жана анализдер жазылып турууга аракеттенип иштешти.

**Райондук олимпиадага даярдык көрүү.**

Быйылкы жылда олимпиадага катышууга 8-класстын окуучуларына да уруксат берилген. 8-9-10-11-класстын 1-2 – орун алган окуучулар райондук олимпиадага жолдомо алышты. Райондук олимпиадага катышуучулар төмөнкү окуучулар деп табылды,

| № | Аты-жону | предмет | класс |
|---|---|---|---|
| 1 | Жумакадырова Элина | Кыргыз тили | 9 |
| 2 | Мустафаев Аманбек | Кыргыз тили | 8 |
| 3 | Кубатбекова Алия | Англис тили | 8 |
| 4 | Кубатова Махабат | Математика | 10 |
| 5 | Дуйшенкулова Жибек | Орус тили | 11 |
| 6 | Тюлебаев Адил | Кыргыз тили | 11 |
| 7 | Темирбеков  Нуржигит | География | 11 |
| 8 | Темирбекова Тогонай | Тарых | 8 |
| 9 | Чынкожоева Аяна | Кыргыз тили | 10 |

Жогорудагы окуучуларды райондук олимпиадаларга даярдоо милдети ар бир предметтик мугалимдерге жүктөлүп иштеп чыгышты.

**Январь айы.**

Класстык журналдарды текшерүү.

1-10-класстардын журналдарын текшерүүдө өтө одоно кетирген каталар жок . Ошентсе да эскертүү алган мугалимдер дагы эле катачылыктарды кетирүүдө.Алар:Акбар кызы Мээрим, Садыков Кубанычбек, Кулманбетова Наргиза. Ал эми журналды өз убагында ,таза,бааларды нормага ылайык коюп жоопкерчиликтүү мамиле кылган мугалимдер: Акматылдаева Жылдыз, Арымбаева Р.

**4-класска жалпы көзөмөл**

1. 4-класста бардыгы 14 окуучу .Жума бою катышуусу 90%.Класс жетекчиси Молдокулова А.К. Предметтердин берилиши боюнча: жума ичинде 3 предметке катышуу жүргүзүлдү, кыргыз тили, математика, жана англис тили сабактарына көзөмөл жүргүзүлдү.
   Кыргыз тили сабагы боюнча окуучулар жакшы өздөштүрөт, бирок колжазмалары начар. Себеби мугалим көп жылдык тажрыйбасы бар.   Өздөштүрүү иштерин жүргүзө алат. Сабак өз максатына жетти жана жеткиликтүү болду. Билим сапаты: 45%
   Жетишүүсү:100

Математика сабагынан катышуу жүргүзүлдү. Сабактын структурасы туура өтүлдү. Мугалим көп жылдык тажрыйбалуу мугалим болгондуктан убакытты туура пайдаланды жана бир нече методдорду колдонуп жетишти.Окуучулар активдүү катышышты арасында айрым окуучулар орто жооп беришти.Мугалим кошумча логикалык суроолорду берип сабакты кызыктуу өттү. Айрым окуучулардын кызыгуусу жок экендиги байкалды.

Жетишүүсү: 88,9%

Билим сапаты: 44.4%

Англис тил сабагына катышуу жүргүзүлдү.

Мугалим: Акматылдаева Ж.Ж.

Мугалим жаш сабактын структурасын жакшы өздөштүрө алат. Өз предметин жакшы билет.Окуучулар сабакта активдүү катышты. Анткени, мугалим сабактын структурасын жакшы түзүп, көрсөтмө куралдарды көп колдонгондуктан окуучулар бачым кабыл алууга үйрөнүшкөн.

Жетишүүсү: 100%

Билим сапаты:60%

Мындан тышкары дептерлерди текшеруу иштери жүргүзүлдү.

1.Математика дептерлеринин сырткы абалы орто. Окуучулар атайын предметтик дептер менен иштешет.Системалуу текшерилбейт.Бардык материалдар окуучулардын дептеринде бирдей эмес.

2. Англис тили дептерлеринин сырткы абалы жакшы.Дептер убагында эле текшерилип турат жана туура бааланат.

3. Кыргыз тили дептерлеринин абалы орто. Системалуу текшериле бербейт. Орфография менен иштөө иштери көп жүргүзүлбөйт,балдар ката көп жазышат. Бирок мугалим тарабынан машыктыруу иштери жүргүзүлүп келди.

Көзөмөлдүн жыйынтыгында маалымдама жазылып эскертүүлөр берилди.

**1-жарым жылдыкта бир сабагынан "3" чыккан** окуучулар менен иш алып баруунy кароо.

1-чейректе бир сабагынан "3" чыккан төмөнкү окуучулар:

1. Кубанова Аяна 3-кл."3"орус тил предмети мугалим Кабылбекова А.Т.

2-чейрек

1. Кубатбекова Э. 3-кл "3" орус тил предмети мугалим Кабылбекова А.Т.
2. Кенжебеков Р. 3-кл "3"кыргыз тил предмети мугалим Арымбаева Р.К.
3. Алмаз кызы А. 4-кл. "3" математика мугалим Молдокулова А.К.
4. Кадыркулова С. 11-кл ."3" кыргыз тил мугалим Туйгунова М.Н.

3-чейрек

1. Кубатбекова М 3-кл. "3" англис тил предмети мугалим Акматылдаева Ж.
2. Нарынбеков Н. 6-кл . "3" математика предмети мугалим Алыбек к А
3. Ишенбекова А 4-кл. "3" дене тарбия предмети мугалим Садыков К.Э.

4-чейрек

1. Нарынбеков Н. 6-кл. "3" математика предмети мугалим Алыбек к А
2. Алыева Э "3" 7-кл. математика предмети муалим Алыбек к Анара
3. Кубатбекова М. "3" 8-кл. англис тили предмети Аматылдаева Ж.Ж

Жогорудагы фактыларга таянып төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарылды: Окуучуларга сабактарды кызыктырып өтүү жана индивидуалдык мамиле жасай билүү көрсөтмө куралдар менен иштөө чыгармачылык ой жүгүртүүлөргө машыктыруу сунушталды.

**Февраль айы.**

**Орус тили жумалыгы**

Орус тили сабагынан эки мугалим эмгектенет.Жаш мугалимдер окуучуларга көп кошумча кызыктуу материалдарды колдонуп жакшы аракеттерин көрсөтүштү. Окуучулар жомок аткарышып, каармандардын ар бир деталын так ачып бере алышты Ыр-бий аткарышып, орус тилинде макалдарды айтышты. Жумалык жакшы өтүлдү деп маалымат жазылды.

**Класстык журналдарды текшерүү**

1-10-класстардын журналдарын текшерүүдө өтө одоно кетирген каталар болгон жок . Класс жетекчилер тарабынан көзөмөл болуп турат. Жалпысынан журналдардын абалы жакшы.

**Тарых сабагынын берилиши**

25.02.22.

9-11-класстарда тарых сабыгынын берилиши боюнча текшерүү жүргүзүлдү. Мугалимдин сабак колдонмосу боюнча карта, атлас, окуу китеби болду. Окуучулар өздөрүнүн билимин аныктай алышты жана тест алынды . Окуучулардын айрымдары сабакка даяр эместиги байкалды. Сабакка даярдануу дептерлери толук болгон жок. 9-класстан эки окуучуда, 11-класста 1 окуучуда класстык дептер жок. Мугалим көрсөтмө курал менен
иш алып барды.

9-класс билим сапаты 50%
Жетишүүсү 63%
11-класс билим сапаты 57%
Жетишүүсү 100%

26.02.22. 7-класска анализ жүргүзүлдү. Окуучулар жалпысынан орто. Айрыкча Молдошев А., Каныбеков Н. менен иштөөгө туура келет. Мындан сырткары окуучулардын дептерлери, жана мугалимдин иш кагаздары текшерилди. Окуучулар убагында үй тапшырмаларын аткарышат жана схема менен карта чийүүлөрдү көрсөтө алган. Мугалимдин иш кагаздары талапка жооп берет жана убагында аткарылган. Көрсөтмө куралдар жетишээрлик деңгээлде колдонулбайт. Себеби карталар эскирген. Көбүнчө өз алдынча материалдар жана окуу китептери менен чектелет.
Билим сапаты 57%
Жетишүүсү 100%
Мындан тышкары окуучулардын дептерлери,кошумча хронолохиялык дептерлери да текшерилди жана мугалимдин иш кагаздары текшерилди .Окуучулар убагында уй тапшырмаларын аткарышат жана нормага ылайык конспект жазышат. Мугалимдин иш кагаздары талапка жооп берет жана убагында аткарылган
жогорудагы фактылара таянып төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарылды:мугалим өз предметин өздөштүрө билет жана сабактарды окуучуларга жеткирүүгө аракеттенет. Дагы да болсо чыгармачылык ой жүгүртүүлөр талап кылынат.

**Англис тили жумалыгы**
**14.02-18.02.22 аралыгында англис тили сабагы боюнча жумалыктын өтүлүшү.**

**Максаты:** англис тили сабагы боюнча ар тараптан маалыматты окуучуларга тереңдетип берүү жана окуучулар англис тил дүйнөлук тил экенин аңдап билүүсүн ошондой эле жашоосунда колдоно билүүсүн үйрөтүү.

Жумалык беш күндүк окуу жүктөмү "Биз англис тилин жакшы көрөбүз" деген ураан менен өтүлдү. Дубал гезиттер илинип, бурчтар уюштурулду. Интерактивдүү дептер, леб буктар колдонулуп конкурс өткөрүлдү. "Speiling Bee" аталышында англис тилинин сөздүгү жана фонетикасы боюнча 5-6-7-класстар менен конкурс уюштурулду.
"House" деген темада 6-класста окутуунун жаңы ыкмаларын колдонуу менен өттү. Жаш мугалимдер катышып тажрыйба алышты.

Жумалык жыйынтыкталып эң мыкты катышкан окуучуларга мактоо баракчалары тапшырылды. Жумалык жогорку деңгээлде өтүлдү.

Жогорку фактыларга таянып, төмөндөгүдөй сунуш чыгарылды: жогорку класстын окуучуларынын сүйлөө кебине жана сөз байлыгына көңүл буруу сунушталды.

**Өздөштүрүүсү начар окуучулар менен иштөөнү көзөмөлдөө.**

Начар окуучулар менен иштөө боюнча ар бир мугалимдин документтери, папкалары жана колдонулуучу материалдары талапка жооп берет. Өз убагында сабактар өтүлүп турат.Ар бир өздөштүрүүсү начар окуучулардын дептерлери бар.Мугалимдер убагында план жазып бекитип турушат. ошентсе да кошумча көсөтмөлөрдү, чыгармачылык иштерди көп жасап, окуучуларга даярдоо керектиги аныкталды.

**Практикалык,лабораториялык жазуу иштерине көзөмөл жүргүзүү.**

Текшерүүдө дептерлердин жалпы абалы орто.Талапка ылайык №1.№2 дептерлер уюштурулган.

Математика сабагынын дептерлеринин абалы орто.Мугалимдер үзгүлтүксүз текшерүү жүргүзүп жатат. Баалоо дептерлерде сейрек кездешет.Сырткы абалы да орто. Үй тапшырмалар убагында аткарылат бирок мугалим тарабынан баа кээ бир учурларда коюлбай калат.

Текшерүүдө практикалык дептерлердин абалы физика сабагыныкы талапка жооп берет,убагында текшерилип,бааланып турат. Программада болгон баардык материалдар дептерлерде мөөнөтү менен дал келет жана сырткы абалы да жакшы сакталган. Мугалим окуучулар менен тыгыз байланышта практикалык иш жүргүзүп жатканы көрүнуп турат.

Жогорудагы фактыларга таянып төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарылды. Жазуу практикалык жана лабораториялык дептерлердин абалы жана предметтик дептерлер өз убагында текшерилип баалоо иши жүргүзүлсүн.

Биология,химия сабагынын дептерлеринин иши дээрлик орто,убагында текшерилип турат бирок окуучулар айрым учурларда убагында сабакка дептерлерин алып келбегендиктен кээ бир темалар жазылган эмес.

## Март айы

**Ийримдер жана класстан тышкаркы иштердин алынып берилиши.** Максаты: документтердин ал-абалы. Жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгынын көрүнүшү. Мектепте 0,25 ставкада кол эмгек предмети боюнча класстан тышкаркы иш "Уздар" деген аталыш менен жумасына 5 сааттан иштейт.Ийрим жетекчиси –Кулманбетова Наргиза Качкыновна.

0,25 ставкада дене тарбия предмети боюнча класстан тышкаркы иш жумасына 5 саттан алынып барылат.Ийрим жетексиси Садыков Кубанычбек Эсенгулович. Пландары толук түзүлүп, атайын журнал уюштурулуп, толтурулуп турат. Ийрим жетекчилери райондук сынак, тапшырмаларга дайыма катышып турушат.

**Математика жумалыгы**.

Жумалыктын иш планы түзүлдү.
Планда: Жумалыктын ачылышы, ачык сааттар,сынактар коюлган. Планга коюлган иш чаралар аткарылды. Мугалим Алыбек кызы Анаркуль ачык сабак, эстафета жана кошумча маалыматтарды окуучуларга ар тараптуу кылып өттү. Өзгөчө эстафетага окуучуларга кызыгуу менен катышышты. Жумалыктын өтүлүшү февраль айынын акыркы жумасында көрсөтүлгөн. Бирок мугалим кандайдыр бир себептер менен март айынын биринчи жумасында өткөн.
Математика жумалыгына сунуш:Окуучулар көп катышсын . балдардын кызыгуусун арттырсын. Мугалим жаңы изденүүлөрдү иштеп чыгышы сунушталды.

**ЖМА жана ЖРТ боюнча иш алып барууну көзөмөлдөө.**

ЖРТ быйыл башка жылдан өзгөчөлөнүп салттуу каттоо жүргүзүлүп,окуучулар убагында каттоодон ийгиликтүү өттү.Окуучулар жалпы тест жана тандоо сабактарынан 27.05-28.05.22. жети окуучу тапшырып келишти.

Ал эми ЖМА. Боюнча окуучулар тест тапшырышты. ЖМАнын жыйынтык баасына макулдугу боюнча мамлекеттик экзаменден 11-класс тарых сабагынан 6 (алты), 9-класстан 1 (бир) окуучу жеке арызынын жана ата-энесинин жеке арызынын негизинде экзаменден бошотулду.

География сабагы бонча 11-класс 3(үч окуучу, 9-класс 1(бир) окуучу жеке арызынын жана ата-энесинин жеке арызынын негизинде ЖМАнын жыйынтык баасына макулдугу боюнча мамлекеттик экзаменден бошотулду.

**Жаш мугалимдер менен иш алып баруу боюнча**

Насаатчы мугалимдер: Райымкулова А.О. Арымбаева Р.К. Өзүлөрүнө бекитилген жаш мугалимдер менен иш алып барууда өзгөчө көңүлдү, сабактын өтүү структурасына буруу менен мугалимдерди убакытты туура жана сапаттуу пайдаланууга үйрөтүп келишет. Жаш мугалимдин сабактарына катышуулар аз .Ал эми жаш мугалим тажрыйбалуу мугалимдин сабагына катышуусуна кызыктар.

**Класстык журналдарды текшерүү**

1-11-класстардын журналдарын текшерүүдө өтө одоно кетирген каталар болгон жок. Айрым учурларда бааларды жана коюлган даталарды оңдоодо болду, ал мугалимдерге эскертүү берилди. Класс жетекчилер тарабынан көзөмөл болуп турат. Жалпысынан журналдардын абалы жакшы.

**Химия жана физика сабагынын берилишин көзөмөлдөө.**

21.03.22. 7-класстарга физика сабагына катышуу жүргүзүлдү.Окуучулар физика сабагын кызыгып окушат жана мугалим окуучулар менен болгон мамилеси жакшы.Сабакта мугалим предметтен тышкары башка маалыматтарды да камтып айтып окуучуларды шыктандырып жатты. Көбүнчө окуучулар конспект жазуу, лабораториялык иш жүргүзүү менен иштешет. Негизги мугалим ар бир сабагында куралдардын эскилигине карабастан кошумчалап иш алып барат. Айрым окуучулар жатка өздөштүрө алышпайт. Бирок мугалим кошумчалап түшүндүрүү сабагын өтүп турат.

Ал эми кийинки күнү 21.03.22. сабагы 9-касска көзөмөл жүргүзүлдү. Мугалим Алымбаева Назгүл окуучуларга жалпы дуйнөдө болуп жаткан глобалдык маселе аба кубулуштарынын бузулушу жана анын алдын алуу боюнча маалымат берип сабакты баштады.Окуучулар өтүлгөн материалдарды бышыктоодо жакшы жооп беришти. Сабак программа боюнча убагы менен өтүлүп жатат,окуучулардын дептеринде ар бир тема түшүнүктүү конспектиленип текшерилген. Практикалык дептерлеринде иш чаралар сүрөттөрү менен көрсөтүлүп турат. Мугалим окуучуларга кошумча маалыматтарды кошуп өтөт.

22.03.21. химия сабагына 10-класстарга көзөмөмөл жургүзүлдү. Химия сабагынан кыйла окуучулардын билими төмөн. Мугалим болгон күчүн салып өткөнгө аракет кылат жана ар бир сабакта химия сабагынын элементтерин таблицадан көрсөтүп кайталап өтөт. Мугалим көбүнчө сабакта логикалык суроолорду колдонот. Химиялык реакцияларды чыгарууда мугалим окуучуларга убактысын көп кетирет,себеби окуучулардын кабыл алуусу жай.

23.03.22.химия сабагына 11-класстарга көзөмөл жүргүзүлдү. Бул класста сегиз окуучу билим алат. Мугалим сегиз окуучуга жеке иш алып барууга убактысы жетет. Окуучуларга химия сабагынын органикалык элеметтери жөнүндө сабак өттү .Окуучулар ар бир тапшырманы туура жана так аткарып жатышты. Мугалим сабакты структурасын сактап жандуу өттү.Сабакта ыкчам тест жана практикалык иш көрсөттү.
Азыркы технологиянын талаптары класстарда толук камтылган болсо окуучуларга кызыктуу да практикалык тажрыйба да топтоло турган экендигин байкадык.

Жогорудагы фактыларга таянып төмөндөгудөй жыйынтык чыгарылды. Мугалим химия жана физика сабактарын чыгармачылык менен жеткиликтүү кылып өтүштү. Окуучулар физика сабагына кызыгуулары жакшы.

**Апрель айы**

**Биология жумалыгы.**

Планга коюлган иш чаралар толугу менен аткарылды. Жумалык өттү. Видео сабак,ар кандай тапшырмаларды жана кошумча маалыматтарды берип окуучулардын кызыкчылыгын арттырды.
Биология мугалими Кийизбаев Капар ишине так мугалим. Ачык сабактарды , конкурстарды кызыктуу кылып, көрсөтмөлүү алып барды. Окуучулар сабак учурунда тажрыйба жүргүзүп, сабакка кызыгаары көрүндү.Мугалим ишине жоопкерчилик менен мамиле кылып жаткандыгы көрүндү. Окуучулар менен тил табышып, жакшы сабак көрсөтө алды.

**Башталгыч класстардын шар окуусу текшерилди.**

4-класс – шар окуусу - 58% .
Окуй албаган окуучу жок.
Бардыгы – 14окуучу. Окуду-14 окуучу

3-класс – шар окуусу – 48%.
Окуй албаган окуучу жок.
Бардыгы – 15 окуучу.Окуду 15 окуучу.

2-класс – 47% ти түздү.
Окуй албаган окуучу жок.
Бардыгы- 15 окуучу.Окуду 15 окуучу.

**Окуу китептеринин сакталышы** боюнча рейддер жүргүзүү. Окуу жылынын башында жана окуу жылынын аягында китептердин ал-абалы текшерилип турду. Өзгөчө башталгыч класстардын китептеринин ал-абалы начар. Китептер толук жетишпейт. Келген жаны китептер ондон гана болуп балдарга толугу менен жетишпейт. Аргасыздан үч жылдын китептери менен окууга туура келет. Окуу материалдары дал келбей калат. Жетишпеген китептер тууралуу Кемин райондук билим берүү бөлүмүнө заявка берилип турат.

**Окуучулардын жумушчу дептерлерин текшерүүдө**. Башталгыч класстын жумуш дептерин текшерүүдө 2-3-1-класстын дептерлери убагында текшерилип,темалар ирээти менен жазылган ал эми 4-класстын жумуш дептери да уюштурулган . 5-7-класстардын кыргыз тилинен жумушчу, жат жазуу дептерлери түзүк экендиги аныкталды. Мугалим тарабынан дайыма текшерилип турду. Мугалим тапшырмалардын түрлөрүн өткөрөт. Салыштырмалуу 6--8-9-10-класстарда дептерлердин абалы канааттандырарлык.Ал эми башка предметтердин жумушчу дептерлердин абалы канааттандырарлык.

**Экзамендерге даярдык көрүү.**

9-класстын математика,кыргыз тил,орус тил сабактарынан машыгуу экзамени өткөрүлдү.Жыйынтыгында...

Окуучулардын саны-10
1.Математикадан-14.05.22. Билим сапаты-27%
2.Кыргыз тилинен-17.05.22. Билим сапаты-40%

3.Орус тили- 24.05.22. Билим сапаты - 48%

11-класстын математика,кыргыз тил,орус тил сабактарынан машыгуу экзамени өткөрүлдү. Жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду

1.математика-17.05.22. билим сапаты-
2.Кыргыз тилинен-16.05.22. Билим сапаты-52%
3.Орус тили- 23.05.22. Билим сапаты - 55%

**Класстык журналдарды текшерүү**

1-11-класстардын журналдарын текшерүүдө өтө одоно кетирген каталар болгон жок. Айрым учурларда бааларды жана коюлган даталарды оңдоодо болду,ал мугалимдерге эскертүү берилди.Класс жетекчилер тарабынан көзөмөл болуп турат.Жалпысынан журналдардын абалы жакшы.

**Май айы**

**Программанын аткарылышы**

Быйылкы окуу жылында 1-чейрек 38саат, 2-чейрек 34 саат, 3-чейрек 46 саат,4-чейрек 46 саат өтүлүп жыл бою 164 саат өтүлдү. Майрам күндөр жүгүртмөгө чачыратылып коюлуп сааттар толук чыкты, ал эми айрым мугалимдердики толук чыкпай калгандыгынын себеби эмгекке жараксыз баракка чыккандыгына байланыштуу ордуна сабак өткөнгө мугалим жок болгондуктан сааттары жетпей калды.

**Экзаменге даярдык көрүү.**

Экзамендик материалдарды даярдоо иш чарасы(көчүрүү) апрель айында эле жүргүзүлгөн. Алардын программага туура келишин тандоо боюнча экзаменди тактоо, экзамендин жүгүртмөсүн түзүү, экзамендин алынып барылышы , материалдардын даярдалышы тууралуу жана быйылкы окуу жылындагы өзгөрүлгөн буйруктарды талкулоо иши журуп турду. Өзгөчө 9-класстын кыргыз тилинен баяндамасы журналга дробь менен коюлары баса белгиленди.Комиссиянын курамы түзүлдү.

**Класстык журналдарды текшерүү**

1-11-класстардын журналдарын текшерүүдө тажрыйбасы аз жаш мугалимдер сабактын өтүүлүчү даталарын ката коюп жана бааларды оңдоо жүргүзүлгөндүгү үчүн эскертүүлөр берилди.Журнал убагында текшерилип турат.

**Июнь айы**

Жыйынтыктоочу аттастациялоо. Быйылкы окуу жылында 9-11класстарга мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясын өткөрүү жүгүртмөсү түзүлүп, 5 сабактан экзамендер алынды . 9-класс

Математикадан -11.06.22 билим сапаты 30%
Кыргыз тилден- 14.06.22 билим сапаты 60%
Орус тилден - 17.06.22 билим сапаты 80
Тарыхтан -20.06.22 билим сапаты 60%

География - 21.06.22 билим сапаты 60%

11-класс

Кыргыз тил-11.06.22 билим сапаты 50%
Математика- 14.06.22 билим сапаты 50%
Кыргызстан тарыхы- 17.06.22 билим сапаты50%
Орус тил -20.06.22 билим сапаты 75%
География - 22.06.22 билим сапаты 75%

Экзамен жобонун негизинде эрежелерди сактоо менен тынч өттү.

**Тесттердин жыйынтыгы боюнча салыштыруу.**

**2020-2021- окуу жылы**

Быйыл окуучулар кырдаалга байланыштуу улуттук тестирлөөгө барышкан жок.

Жыйнтык: үч жылдын тестинин жыйынтыгын салыштыра келсек,быйыл кырдаалга байланыштуу окуучулар тестирлөөгө барган жок.

**2021-2022-окуу жылы**

Быйылкы жылда улуттук тестирлөөгө 9-класстан жалпы 10 окуучудан 8 окуучу катышты.

| № Окуучунун аты,жөнү | география | тарых |
|---|---|---|
| 1.Билимов Нурмухаммад | 9/- | 14/3 |
| 2.Болотбекова Аяна | | 8/- |
| 3.Жумакадырова Элина | 21/4 | 24/5 |
| 4.Каналбеков Бек | 15/3 | 15/3 |
| 5.Кенжебекова Саадат | 14/3 | 11/- |
| 6.Кубанова Тунукай | 10/- | 10/- |
| 7.Манапова Даяна | 11/- | 10/- |
| Рыскулбеков Өмүрбек | 14/3 | 15/3 |



Быйылкы жылда улуттук тестирлөөгө 11-класстан жалпы 8 окуучудан 7 окуучу катышты.

| № Окуучунун аты,жөнү | география | тарых |
|---|---|---|
| 1.Алмаз кызы Айжамал | 11/- | 12/3 |
| 2.Кадыркулова Сезим | 12/3 | 12/3 |
| 3.Казакбаева Айсулуу | 8/- | 14/3 |
| 4.Керимбекова Айгерим | 20/4 | 23/5 |
| 5.Кубатбеков Исламбек | 13/3 | 17/3 |
| 6.Мирбек кызы Камилла | 20/4 | 19/4 |
| 7.Темирбеков Нуржигит | 11/- | 15/3 |
| 8.Тюлебаев Адил | 6/- | 12/3 |




05.07.22. Саат 12-00дө 9-класстын толук эмес орто мектепти бүтүрүү күбөлүгү берилет. 11-класстын аттестаты 07.07.22. саат 9.00 дө берилет.

Мугалимдер эмгек отпускаларынын графиги менен таанышып,өргүүгө чыгышты. Окуу китеби 9-11- класстардыкы китепканага өткөрүлүп берилди.Ал эми калган класстардыкы толук өткөзүлүп бүткөн.

Окуу бөлүм башчысы: Туйгунова М.Н.